5. Кыргызстандагы миграция. Атайын жыйнак № 1. Б., 2020 // эл шилтеме: https://osce-academy.net/upload/file/Migration_08_07.pdf

6. Kirgizbaeva, T. A. The challenges that the children of migrant parents face in schools of Kyrgyzstan / T. A. Kirgizbaeva, S. Sh. Kalygulova // Bulletin of Osh State University. – 2024. – No. 2. – P. 308-317. – DOI 10.52754/16948610_2024_2_30. – EDN DCIYIO.
7. Имарбекова, Ж. Б. Кыргызстандагы мигранттардын балдарынын абалы / Ж. Б. Имарбекова, А. Батыралиев // Вестник Ошского государственного университета. Педагогика. Психология. – 2022. – No. 1(1). – P. 65-70. – EDN PWKVUU.
8. Макыев, А. Т. Кыргызстандык эмгек мигранттарынын учурдагы абалы / А. Т. Макыев, Н. У. Заирова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Экономика. – 2023. – No. 2(3). – P. 19-25. – DOI 10.52754/16948734_2023_2(3)_4. – EDN GJOUKY.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 14-19

**УДК: 378(575.3)**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_3

# БОЛОН ПРОЦЕССИ КЫРГЫЗСТАНДА: РЕФОРМАНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

## БОЛОНСКИЙ ПРОЦЕСС В КЫРГЫЗСТАНЕ: РЕЗУЛЬТАТЫ РЕФОРМЫ

## THE BOLOGNA PROCESS IN KYRGYZSTAN: OUTCOMES OF THE REFORM

**Азимова Жамийла Чомоевна**
*Азимова Жамийла Чомоевна*
*Азимова Жамийла Чомоевна*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к. ф..н.,доцент, Ошский государственный университет,*
*Candidate of Philology, Associate Professor, Osh State University*
jazimova@oshsu.kg

# БОЛОН ПРОЦЕССИ КЫРГЫЗСТАНДА: РЕФОРМАНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**Аннотация**

Бул макалада автор болон процессинин тарыхын кыскача баяндоо менен, анын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин адистердин пикирлерин мисал келтирүү менен айтат. Болон процесси Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстанга кандай шартта киргендиги тууралуу белгилейт. Макаланын акырында автор көп жылдар билим берүү сферасында иштеген адис катары болон системасынын биздин мамлекеттеги ишке ашуусу, проблемалары тууралуу токтолот. Макала автордун болон процесси боюнча жеке пикири менен жыйынтыкталат.

***Ачкыч сөздөр:*** болон процесси, болон процессинин артыкчылыктары жана кемчиликтери, билим берүү сферасы, адис, жеке пикир

***Болонский процесс в Кыргызстане: результаты реформы***

**Аннотация**
В данной статье автор кратко рассказывает об истории Болонской системы, указывая на её преимущества и недостатки, приводя примеры специалистов в этой области. Описывается, как Болонская система была внедрена в странах Центральной Азии, включая Кыргызстан. В конце статьи автор, как опытный специалист в сфере образования, выражает своё мнение о данном процессе в Кыргызстане.

***Ключевые слова:*** Болонский процесс, преимущества и недостатки Болонского процесса, сфера образования, специалист, личное мнение

***The Bologna process in Kyrgyzstan: outcomes of the reform***

**Abstract**
In this article, the author gives very short information about the history of Bologna System pointing out the advantages and disadvantages of the system giving examples of specialists of this field. It states out, how the Bologna system came to the countries of Central Asia, including Kyrgyzstan. At the end of the article, as the experienced specialist of the educational sphere, she expresses her own opinion about this process in Kyrgyzstan.

***Keywords:*** Bologna Process, advantages and disadvantages of the Bologna Process, educational sphere, specialist, personal opinion

**Киришүү.** Болон процесси Европа Биримдигинин билим берүү системасын гармонизациялоо максатында 1999-жылы кабыл алынган. Кыргызстан бул процесске 2011-жылы расмий түрдө кошулган. Бул реформанын максаты – билим берүүнү эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү жана студенттердин мобилдүүлүгүн камсыз кылуу. Бирок реформанын тарыхый негиздерин жана анын кесепеттерин терең талдоо зарыл.

**Негизги бөлүк.** Болон процесси – Европа мейкиндигиндеги өлкөлөрдүн жогорку билим берүү системаларын жакындатуу, окшош стандартка киргизүү саясаты болуп эсептелет. Башкача айтканда, бул мамлекеттердеги жогорку билим системасынын бирдей стандартын түзүү же жогорку билимдин жалпы европалык стандарты болуп эсептелет. Бул процесс ага кирген Европалык жогорку окуу жайларын окшош, бирдей деңгээлдеги стандартка жакындатууну максат койот. Эки жылда бир жолу аталган процесске кирген Европа өлкөлөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусунда процесстин жүрүшү, иштеши тууралуу талкуу-жыйындар болуп турат.

Болон процесси өткөн кылымдын 70-жылдарында башталган. 1970-жылы Европа биримдигинде мамлекеттердин билим берүү мейкиндигиндеги кызматташуусу тууралуу алгачкы программасы кабыл алынган. 1998-жылы Франция, Германия, Великобритания жана Италия мамлекеттеринин билим берүү министрлери Париж университетинин 800 жылдык мааракесинде жолугушуп, Европадагы жогорку билимдин сегментациясы бул чөлкөмдөгү илимдин жана билим берүү процессинин өнүгүүсүнө тоскоол болуп атканын талкуулашкан жана Сорбонна Декларациясына (Sorbonne Joint Declaration 1998) [4] кол коюшкан. Бул декларациянын максаты Европа жогорку билим берүү мейкиндигин стандартташтыруу жолдорун табуу жана түзүү болгон. Мындагы талапка ылайык, студент же бүтүрүүчү мобилдүүлүккө тартылуусу жана билим берүү кызматкерлкринин квалификацияларын жогорулатуу талаптары коюлган. Мындан сырткары, келечекте иштеп чыгыла турган талап же абал квалификациялардын заман талаптарына туура келүүсү белгиленген.

Сорбонна декларациясынын максаттары 1999-жылы 19-июнда Болон декларациясына 29 өлкөнүн өкүлдөрүнүн кол коюусу [4] менен бекемделген. Алгач Болон процессине 29 европалык өлкө катышып, Италиянын Болонье шаарында бул тууралуу келишимге кол коюшкан. Ошентип, биринчи жолу жогорку билимдин Европа мейкиндигинде транснационализацияланышы тууралуу маселени ишке ашыруу башталды. Болон билим берүү системасы 3 тепкичтүү окутууга негизделген: бакалавриат – 3- 4 жыл, магистратура – 1-2 жыл, докторантура – 3 жыл.

Болон процессине кирүү үчүн төмөнкүдөй шарттарды [4] аткаруу талап кылынат:

1. Жогорку окуу жайлары эки баскычтуу окутуу системасына кириши керек: бакалавриат – 1 –баскыч, магистратура – 2 – баскыч.
2. Өтүлгөн материал боюнча студенттин алган билимин баалоо үчүн кредит шкаласын киргизүүсү керек. (ECTS – European Credit Transfer System)
3. Окуу прогаммаларын европалык стандартка ылайык иштеп чыгуусу керек.
4. Угулган ар бир курс боюнча сааттардын санын жана бааларды тиркемеге киргизүүсү керек.

Бирдиктүү болон системасы 6 базалык талапка [4] ылайык түзүлгөн:

- Илимий даражалардын бирдей системасы, б.а. ушул процесске кирген ЖОЖдордо окшош курстардын угулушу. Бул талап боюнча эгер студент болон процессиндеги бир мамлекеттен башка мамлекеттеги ЖОЖго которулса же жумушка орношсо, анын билими, жана алган квалификациясы эки тарапка тең жарактуу болушу керек.

- Эки баскычтуу окуу системасы: бакалавриат (undergraduate), магистратура (graduate). Бул студентке, эгер ал болон процессиндеги ЖОЖдон бакалавриатты бүтсө, бул процесске кирген башка өлкөдөгү ЖОЖдон магистратура баскычына кирип окуу мүмкүндүгүн берет.

- Кредит системасы – ECTS – European Credit Transfer System), бул баллдардын атайын окшош системасы, б.а. ар бир окутулуп жаткан курс анык бир балл турат. Курстан курска көчүү үчүн студент анык бир балл топтоосу керек.

- Студенттерге жана окутуучуларга максималдуу жакшы шарттарды түзүү, б.а. мисалы “Эрасмус” программасы менен студенттин топтогон баллы бул процесске кирген башка мамлекеттин ЖОЖуна жарашы керек.

- Окуу системасын болон процессине кирген бардык ЖОЖдор үчүн бирдей баалай тургандай талаптар менен түзүү, б.а. бир ЖОЖдо студент алган билим, көндүмдөрү башка ЖОЖдо кабыл алынышы керек.

- Эл аралык студенттик проекттерди колдоо, ЖОЖдордун ортосундагы кызматташууну жакшыртуу.

Россия Федерациясы бул процесске 2003-жылы официалдуу түрдө кошулган. Орто Азия чөлкөмүнөн Казакстан 2010-жылы процесстин толук кандуу мүчөсү болуп калган. Өзбекстан бул процесстин официалдуу мүчөсү эмес, бирок Европа биримдиги менен кызматташып келе жатат. Негизи Өзбекстанда учурда билим берүүнүн 7 түрү иштейт: 1. Мектепке чейинки билим берүү (бакча), 2. Жалпы орто, 3. Атайын орто, 4. Кесиптик, 5. Жогорку билим, 6. ЖОЖдон кийинки билим, 7. Квалификациясын жогорулатуу. Көрүнүп тургандай, Өзбекстанда советтик билим берүү стандарты дээрлик сакталып калган. Орто Азиянын дагы бир мамлекети Тажикистан Болон процессинде жарым-жартылай бар, толук кандуу мүчө эмес, айрым жогорку окуу жайлары европалык ЖОЖдор менен кызматташат. Орто Азиянын дагы бир мамлекети Түркменистан деле официалдуу мүчө эмес, бирок айрым жогорку окуу жайлары европалык жогорку окуу жайлары менен кызматташып келет.

Ал эми Болон процесси Кыргызстанга кандайча кирген? Кыргызстан эгемендүүлүк алган соң, билим берүү системасында чоң өзгөрүүлөргө муктаж болгон. Совет мезгилинде бирдиктүү жана борборлоштурулган система колдонулуп келген эле. Эгемендүүлүктөн кийин билим берүү системасы рынок экономикасынын талаптарына ылайыкташа баштады. Ал эми Болон процесси Кыргызстанга 2012-жылы киргизилгени менен, анын элементтери 2000-жылдардын башында эле даярдык стадиясында иштелип чыккан. Жогорку окуу жайларда кредиттик система киргизилип, үч баскычтуу билим берүү модели (бакалавр, магистратура, докторантура) орнотула баштады.

Мына ошол мезгилден баштап аталган процесс тууралуу коомчулукта кескин көз-караштар, пикирлер өкүм сүрүп келүүдө. Арадан белгилүү бир убакыт өткөнүнө карабастан, аталган процесс өлкөбүздө толук кандуу ишке ашпай келе жатат деген пикирлер арбын. Бул маселе боюнча пикир айткан адистер, саясатчы же коомдук ишмерлердин басымдуу көпчүлүгү терс пикир билдирип келишүүдө. Алар бул процесстин кемчилик жактарына

көбүрөөк токтолуп, ал бир гана Европа мамлекеттеринин шартына туура келээрин, алардын гана талабына дал келээрин белгилешет.

Төмөндө 2022-жылдагы болуп өткөн талкууда Жогорку Кеңештин айрым өкүлдөрүнүн билдирген пикирлерин мисал келтирсек: Жогорку Кеңештин депутаты А.К. Мадумаров: "Россиянын артынан бул процесске кирген Орто Азиядагы биринчи мамлекет Кыргызстан болду. Каршылар абдан көп, бирок бул процессти иш жүзүнө ашыруу үчүн жана биздин мамлекетте билим берүү реформасын жүргүзүү үчүн Европа биримдигинен көп акча бөлүнгөндүктөн, биз бул процесстин бир бөлүгү болуп жатабыз. Бул коммерция! Жыйынтыгында биз эч билими жок, элементардык нерселерди да билбеген кесипкөйлөрдү алып калышыбыз мүмкүн. Бул өзүн – өзү алдоо. Мен, биз сөзсүз түрдө советтик билим берүү системасына кайтууга тийишпиз деп эсептейм" [3] деп сүйлөгөн. Ал эми, Жогорку Кеңештин дагы бир депутаты И. А. Масалиев: "Советтик билим берүү системасына тийбешибиз керек, көздү жумуп алып эле башка бирөөнүн тажрыйбасын көчүрүп алып иштетүү көптөгөн каталарга алып келет, биз ал каталарды көпкө чейин оңдой албайбыз" [3] деп айткан.

Ошол жыйынга катышкан Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору, Кыргызстандын мурунку Билим берүү министри К.Ж. Садыков: "Айланабыздагы процесстерден качуу туура эмес, биз бул процесске катышуу менен утушка гана ээ болобуз" [3] деген пикирин билдирген.

Коомчулуктагы кескин пикирлерден улам, Болон системасынын Кыргызстанга киргизилишини артыкчылыктары жана кемчиликтери эмнеде деген суроону койсок болот. Адистердин пикирлерин анализдөө менен процесстин артыкчылыктарды [2] катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- Эл аралык деңгээлде дипломдордун таанылышы.
- Студенттердин мобилдүүлүгү жогорулоосу.
- Кредиттик системанын ийкемдүүлүгү.
- Билим берүү программаларынын стандартташтырылышы жана сапаттын жогорулашы.

Терс кесепеттери жана проблемалары [1] катары төмөнкүлөр белгиленет:

- Тарыхый билим берүүнүн жоголуу коркунучу: Советтик билим берүү системасы бардык тармактар боюнча кеңири билим берген. Болон процесси бул тармактарды кыскартып, практикалык сабактарга басым жасоодо.
- Финансылык жана техникалык жетишпестиктер: Жаңы системаны ишке ашыруу үчүн талап кылынган каржылык жана материалдык ресурстардын жетишсиздиги.
- Окутуучулардын кайра даярдыктан өтүшү: Советтик билим берүү системасында тарбияланган окутуучулар жаңы система менен иш алып барууда кыйынчылыктарга туш болушууда.
- Кредиттик системанын ашыкча бюрократиясы: Окуу процессинде окутуучулар жана студенттер үчүн ашыкча документ иштеринин көбөйүшү жана билим сапатына караганда формализмге көбүрөөк көңүл бурулушу.

Макаланын акыркы бөлүмүндө, жогорку билим берүү сферасында көп жылдардан бери иштеп келе жаткан адис катары биздин өлкөдө Болон процессинин ишке ашуусундагы тарыхый сабактар жана келечекке карата сунуштарды белгилейбиз.

- Кыргызстандын билим берүү системасынын өнүгүү тарыхынан сабак алып, жаңы реформалар улуттук маданий жана тарыхый баалуулуктарга шайкеш келиши керек;

- Болон процессинин артыкчылыктарын сактоо менен бирге, анын жергиликтүү шарттарга ылайыкташтырылышы зарыл;

- Кредиттик системанын ашыкча бюрократиясын кыскартуу жана студенттерге практикалык көндүмдөрдү үйрөтүүгө көбүрөөк көңүл буруу керек;

- Тарых жана маданият боюнча курстарды кайра калыбына келтирүү жана алардын ролун бекемдөө;

- Финансылык жана инфраструктуралык колдоону жакшыртуу аркылуу реформанын эффективдүүлүгүн жогорулатуу.

**Жыйынтык.** Кыргызстандагы Болон процессинин ишке ашырылышы тарыхый жактан маанилүү баскыч болуп саналат. Бул реформа жогорку билим берүүнү эл аралык деңгээлге чыгаруу максатын көздөгөнү менен, анын терс кесепеттери дагы көз жаздымда калбашы керек. Макалада белгиленгендей, билим берүү системасы жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен өнүгүшү зарыл. Кыргызстан үчүн Болон процесси улуттук тарыхый-агартуу баалуулуктарын сактоо менен ийкемдүү реформа жүргүзүүнү талап кылат.

**Колдонулган адабияттар жана булактар**

1. Алыбаев А.М. Окутуунун Болон процессине өтүүдөгү материалдык, моралдык жана тил маселелеринин кыйынчылыктары // эл. шилтеме: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUALYBAEVA.M.2013-8.pdf
2. Беделбаева А.З. Академиялык мобилдүүлүк болон процессинин негизги параметрлеринин бири жана аны жогорку билим берүү системасында ишке ашыруу // эл. шилтеме: http://vestnik.krsu.edu.kg/ky/archive/162/6845
3. Кыргызская Республика официально о вступлении в Болонский процесс не заявляла // https://www.news-asia.ru/view/ks/interview/15494
4. Joint declaration of the European Ministers of Education (The Bologna Declaration of 19 June 1999) // эл.шилтеме: https://ehea.info/Upload/document/ministerial_declarations/1999_Bologna_Declaration_English_553028.pdf

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 20-25

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_4

# ЭМИР ТЕМИРДИН БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ТАРЫХЫНДАГЫ РОЛУ ЖАНА ОРДУ

## РОЛЬ И МЕСТО ЭМИРА ТЕМИРА В ИСТОРИИ СРЕДНЕЙ АЗИИ

## THE ROLE AND PLACE OF AMIR TEMUR IN THE HISTORY OF CENTRAL ASIA

**Кадыров Турдумамат Дыйканбаевич**
*Кадыров Турдумамат Дыйканбаевич*
*Kadyrov Turdumamat Dyikanbaevich*

**т.и.к., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., профессор, Ошский государственный университет*
*Candidate of historical science, Professor, Osh State University*
tkadyrov@oshsu.kg

**Исманов Алмабек Галдыбаевич**
*Исманов Алмазбек Галдыбаевич*
*Ismanov Almazbek Galdybaevich*

**магистр, Ош мамлекеттик университети**
*магистр, Ошский государственный университет*
*master's degree, Osh State University*

# ЭМИР ТЕМИРДИН БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ТАРЫХЫНДАГЫ РОЛУ ЖАНА ОРДУ

**Аннотация**

Бул макалада Эмир Темирдин Борбордук Азиянын тарыхындагы орду жана ролу кеңири изилденет. Темирдин аскердик стратегиялары, мамлекеттик башкаруу системасы жана маданий мурастары талданат. Анын жүргүзгөн жортуулдары жана дипломатиялык мамилелери Борбордук Азиянын саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө тийгизген таасири аркылуу каралат. Изилдөөнүн негизинде Темирдин аймактагы тарыхый мурасы жана анын азыркы мезгилдеги мааниси ачып берилет.

***Ачкыч сөздөр:*** Эмир Темир, Борбордук Азия, тарых, аскердик стратегиялар, маданий мурас, мамлекеттик башкаруу, дипломатия, экономика

***Роль и место Эмира Темира в истории Средней Азии***

**Аннотация**
В данной статье рассматривается роль и значение Эмир Темира в истории Центральной Азии. Анализируются его военные стратегии, система государственного управления и культурное наследие. Особое внимание уделяется влиянию его походов и дипломатических связей на политическое, экономическое и культурное развитие региона. Исследование подчеркивает историческое наследие Темира и его актуальность в современном контексте.
.

***Ключевые слова:*** Эмир Темир, Центральная Азия, история, военные стратегии, культурное наследие, государственное управление, дипломатия, экономика

***The role and place of Amir Temur in the history of Central Asia***

**Abstract**
This article explores the role and significance of Amir Timur in the history of Central Asia. It analyzes his military strategies, administrative system, and cultural heritage. Special attention is given to the impact of his campaigns and diplomatic relations on the political, economic, and cultural development of the region. The study highlights Timur’s historical legacy and its relevance in modern times

***Keywords***: Amir Timur, Central Asia, history, military strategies, cultural heritage, state governance, diplomacy, economy

**Кириш сөз.** Эмир Темир (1336–1405) Борбордук Азиянын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген көрүнүктүү аскер башчы жана мамлекеттик ишмер болгон. Ал өз доорунда күчтүү империяны негиздеп, саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүгө олуттуу таасирин тийгизген. Бул макалада Эмир Темирдин Борбордук Азиядагы тарыхый орду жана ролу ар тараптуу талдоого алынат.

**Негизги бөлүк.** Темир 1336-жылы азыркы Өзбекстандын аймагындагы Кеш шаарында (азыркы Шахрисабз) туулган. Анын үй-бүлөсү барлас уруусунан чыккан жана анын атасы Тарагай бек жергиликтүү башкаруучулардын катарына кирген. Жаш кезинде Темир физикалык жактан чыңалып, ат үстүндө жүрүү жана курал-жарак колдонуу боюнча мыкты машыгуулардан өткөн. Ал аскердик өнөргө кызыгып, мыкты стратегиялык ой жүгүртүүсү менен айырмаланган. Жаш Темир өзүнүн акылмандыгы жана лидерлик сапаттары менен айырмаланып, айланасындагы уруулардын ишенимине ээ болгон.

Темирдин аскердик карьерасы 1360-жылдары башталган. Алгач ал Кашкадарыя өрөөнүндөгү жергиликтүү уруулардын таасирдүү жетекчиси катары таанылган. 1361-жылы Темир Мавераннахр аймагындагы бийлик үчүн күрөшкө катышып, Туглук Темир хандын уулу Ильяс-Ходжага каршылык көрсөтүүдө чоң ийгиликтерге жетишкен.

1370-жылы Темир Самаркандды ээлеп, өзүн Мавераннахрдын башкаруучусу деп жарыялаган. Ал Чагатай хандарынын мыйзамдуу мураскору катары бийликке ээ болгонун көрсөтүү максатында чыңгызиддердин кызына үйлөнүп, саясий легитимдүүлүктү бекемдеген. Темир Хусейиндин гареминдеги Мавереннахрдагы акыркы расмий ханы Казагандын кызы Сарай Мульк-ханумду өзүнө аялдыкка алган. Ал аял чыңгизиддердин каныкеси (принцессасы) болгондуктан Темир “гургана” деген титул алган. Бул улуу хандын күйөө баласы дегенди билдирген жана мамлекеттик башкарууга укук берген. Бирок Сарай Мульк-ханум Темирден беш жашка кичүү болгону менен төрөгөн эмес. Ошентсе да ал сүйүктүү жар болуу менен Эмир Темирдин эки небересин – Улукбек жана Мухаммад Султанды чоңойткон. Мавереннахрдын көчмөн төбөлдөрүнүн колдоосун алуу үчүн хандын тагына Суюргатмышты хан көтөрүп, Темир өзү эмир деген титул алган.

Темир өзүнүн алгачкы аскердик өнөктүктөрүн ошол мезгилде Борбордук Азиянын стабилдүүлүгүн камсыздоо үчүн багыттап, тартипти орнотууну максат кылган. Анын саясатында аймактардагы ички чыр-чатактарды жөнгө салуу жана экономикалык байланышты чыңдоо иштери дагы жүргүзүлгөн. 1370-жылдан тартып Темир өз бийлигин кеңейтүү жана биримдикти камсыз кылуу максатында коңшу аймактарга жортуулдарды баштаган. Ал Хорасан, Персия жана Кавказ сыяктуу аймактарды багындырып, өзүнүн күчүн бекемдеген.

Темирдин аскердик тактикалары жана стратегиялары жогорку деңгээлде уюштурулган. Ал Европадан Индияга чейин кеңири жортуулдарды уюштуруп, душмандарын стратегиялык манёврлар менен жеңүүгө жетишкен. Анын негизги жеңиштери Дели (1398), Багдад (1401) жана Анкара (1402) шаарларын камтыйт. Темир аскердик тартипти катуу сактаган жана аскерлерин бөлүмдөргө бөлүп башкарган. Ар бир бөлүк так тапшырмаларга ээ болуп, согуш талаасында так координация менен аракеттенген. Мисалы, 1398-жылы Индияга жортуулда Темир Ганг дарыясын кесип өтүп, Делиге чейин жеткен. Ал жерде Делинин султаны Махмуд Туктукка каршы чечүүчү салгылашуу өткөрүп, ири жеңишке жетишкен.

1402-жылы Анкарадагы согушта Темир Осмон империясынын султаны Йылдырым Баязидди жеңип, аны туткунга алган. Бул жеңиш Осмон империясынын алсырашына жана анын аймактагы таасиринин убактылуу төмөндөшүнө алып келген. Темир өзүнүн жортуулдары аркылуу аймакта туруктуулукту камсыз кылып, соода жолдорун өнүктүргөн.

Темир жүргузгөн согуштар аймактарды басып алуу үчүн болуп, бул согуштардын мүнөзү талап тоноочулук катары элдин эсинде жана тарыхта калган. Негизинен Эмир Темирдин басып алууларын, башынан өткөргөн окуяларды Шарафурдин Али Йезди “Зафар Нома” эмгегинде жазып кеткен. Аталган эмгекте Тимур жана анын мамлекети жөнүндө көптөгөн фактылык материалдар камтылган. Кээде автор тарыхый окуяларды мактоолор менен жасалгалаган. Дагы бир айтчу нерсе Шарафурдин Али Йездинин жазгандарын Темир өзү окуп, айрым жерлерин оңдоп жана кошумчалап да койгон, себеби болгон окуяны так, убагында жана хронологиясын адаштырбай жазылуусуна көңүл бурган.

Темир өз мамлекетин борборлоштурулган башкаруу системасы аркылуу башкарган. Ал аскердик, административдик жана соттук бийликти катуу көзөмөлдөп, мыйзамдуулукту сактоого өзгөчө көңүл бурган. Темир мамлекеттик башкарууну 4 негизги компонентке бөлгөн:

1. Аймактык башкаруу системасы: Мамлекет аймактарга бөлүнүп, ар бир аймак башчысы “даруга» деп аталган кызматты ээлеген. Алар Темирга түздөн-түз баш ийип, салык чогултуу жана коопсуздукту камсыз кылуу милдетин аткарышкан.

2. Салык жана экономика: Темир салык системасын реформалап, соода жолдорун өнүктүрүүгө басым жасаган. Ал соода жана айыл чарба ишмердүүлүгүн колдоого алып, соодагерлер үчүн коопсуздук камсыз кылган.

3. Аскердик башкаруу: Аскер күчтөрү катуу тартипке негизделип, ар бир бөлүккө конкреттүү милдеттер жүктөлгөн. Темирдин армиясы туруктуу жана көчмө бөлүктөргө бөлүнүп, согуш учурунда мобилдүүлүгүн сактап турган.

4. Мыйзамдар жана адилеттүүлүк: Темир “Тузукат-и Темири» аттуу мыйзамдар жыйнагын иштеп чыгып, бул документ мамлекеттик башкаруунун негизги эрежелерин белгилеген. Бул мыйзамдар элдин укуктарын коргоо, салык жыйноо жана административдик ишмердүүлүктү жөнгө салган.

Темирдин мамлекетти башкаруу системасында негизги администрациядан башка – канцелерия (Диван-Бузрук), ар бир областта администрациянын канцелериясы (диван деп аталган) болгон. Алар салык жыйноо, тартипке көз салуу, коомдук имараттарга көз салуу, иррилациялык системага жана элдин абалына көз салуу каралган. Ар бир дивандын каттоо дептери (дафтар) болуп киреше жана чыгаша перс тилинде жазылып турган.

Темир өзүнүн башкаруу системасында адилеттүүлүккө жана тартипке басым жасаган. Ал элдин ишенимине ээ болуу үчүн катуу тартипти жана мыйзамдуулукту орноткон. Аймактагы ар түрдүү этносторду бириктирип, тилектештик жана туруктуулукту камсыз кылган. Темир өзү администрацияны (канцелерияны) тез-тез текшерип турган. Эгерде кимдир бирөө бийлигинен пайдаланып мамлекеттик мүлкө уурулук кылса катуу жазаланган, кээде Темир жакын адамдарын да катуу жазалаган. Мисалы уулу Мираншахды жана небереси Эмир Зада Темирханды жазалаган.

Темирдин доору маданияттын гүлдөшү менен мүнөздөлөт. Самарканд, Бухара сыяктуу шаарлар архитектуралык эстеликтердин борбору болуп калган. Темирдин бийликке келиши менен Самарканд Мавераннахрдын борборуна айланган. Ал шаардын архитектуралык өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл буруп, аны империясынын маданий жана экономикалык борбору кылган. Самарканда абдан көп курулуштар жүргүзүлгөн, ал эми буга чейин 150 жылда эч кандай курулуш жүргөн эмес болчу. Самаркандда Көк-Сарай мечити, Бибиханым медресеси, Шахи-Зинда мавзолейи ж.б. имараттар курулган. Самаркандын айланасында бак-дарактар эгилген. Мисалы, Баги-Чынар, Баги-Шамал, Баги-Дилькушо, Баги-Бехишт, Баги-Нов ж.б. Өлкө аймагында жолдор курулган, дайыларга көпүрөлөр салынган.

В.В. Бартольд белгилегендей, Самарканд Темирдин оюу боюнча, дүйнөдө биринчи шаар болуусу керек эле. Ошондуктан Самаркандын айланасына айылдар курулуп, алар Багдад, Дамаск, Миср (Каир), Шираз, Султан деп аталган.

Гур-Эмир мавзолейи жана Регистан комплекси анын архитектуралык жетишкендиктеринин мисалы болуп саналат. Гур-Эмир мавзолейи Эмир Темирдин күмбөзү катары курулуп, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн да мүрзөлөрү жайгашкан. Бул мавзолей өзүнүн кооз кооздолгон куполдорун жана өрнөктөрү менен ислам архитектурасынын туу чокусун чагылдырат. Ал эми Регистан комплекси маданий жана билим берүү борбору катары кызмат кылган. Комплексте жайгашкан медреселер илим жана искусствонун өнүгүүсүнө чоң салым кошкон. Бул архитектуралык мурастар Темирдин доорундагы маданий өнүгүүнүн символу катары дүйнөлүк мааниге ээ.

Темирдин Европа жана Азия өлкөлөрү менен дипломатиялык байланышы кеңири тараган. Ал Осмон империясы, Кытай жана Индия сыяктуу мамлекеттер менен активдүү байланыш түзүп, өз таасирин кеңейтүүгө жетишкен. Мисалы, 1402-жылы Анкарадагы жеңишинен кийин Темир Осмон султаны Баязидди туткунга алган соң, Осмон империясынын аймагындагы тең салмактуулукту өзгөрткөн. Ошондой эле, Кытайдагы Мин династиясы менен кат алышып, тынчтыкты сактоону максат кылган дипломатиялык аракеттерди жүргүзгөн. Индиядагы Делиге жасаган жортуулдан кийин жергиликтүү башкаруучулар менен экономикалык жана маданий байланыштарды өнүктүрүүгө аракеттенген. Бул дипломатиялык аракеттер Темирдин аймактагы саясий таасирин күчөтүп, эл аралык аренада анын ордун бекемдеген. Ал Осмон империясы, Кытай жана Индия сыяктуу мамлекеттер менен активдүү байланыш түзүп, өз таасирин кеңейтүүгө жетишкен.

Темирдин империясы Жибек жолунун маанилүү бөлүктөрүн өзүнө багынткан. Бул жол Азиядан Европага чейин созулуп, түштүк жана батышта ар кандай товарлардын өтүүсүн камсыздаган. Бул соода жолдору аркылуу Темирдин империясы жибек, чийгир, алтын, күмүш жана башка баалуу товарларды алмаштырууда орчундуу роль ойноо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

Ошондой эле Темир кол өнөрчүлүкө, жер иштетүүгө, мал чарбачылыгына жана соодага да көңүл бурган, мунун баары мамлекеттин бай жана күчтүү болуусуна өбөлгө түзмөк. Тимур Мавераннахрдын жашоочуларына – дыйкандарды, кол өнөрчүлөрдү 3 жыл салыктан бошоткон. Ошондктан анын тушунда айыл чарба жана мал чарба тармактары чоң мааниге ээ болгон. Империядагы көпчүлүк адамдар айыл чарбасында эмгектенип, сугат системалары жана жаңы технологияларды киргизүү аркылуу өндүрүштү жогорулатышкан.

Мисалы, бул мезгилде өлкөдө Кухак суусуна, Заравшанга, Амударьяга, Сырдарьяга чоң арыктар салынган. Ташкенттин айланасына Сырдарьядан суу чыгарып ирригациялык системалар түзүлгөн.

Темирдин хан сарайында Мавлано Абдужаббар Хорезми, Мавлони Шамсудтдин, Нигманиддин Хорезми, Ходжа Афзал, Мавлони Алаутдин Каши, Жала Хаки аттуу көптөгөн окумуштуулар жашаган. Темир чоң иш чара өткөрүүнүн алдынан окумуштуулар менен кеңешкен, андан кийин гана чечим кабыл алган.

1403-жылы (мусулман жыл саноосу боюнча 806-жыл) Байкал шаарында Темир окумуштууларды жыйнап, мындай деген: "Менин максатым илим өкүлдөрү мага жардам бергиле, мамлекетте чындык калыптансын, эгер биз мурда жаңы жерлерди басып алуу үчүн жортуулдарга чыксак, азыр жер-жерлерде администрация өкүлдөрү өз билгенин жасабасын. Мамлекетте шариат жана мыйзам үстөмдүк кылсын, элдин тынчтыгы негизги ролду ойнойт, бул жагынан жардам бергиле". 1370-жылы Темирдин диний колдоочусу болуп дайындалган Сайид-Барак ар дайым анын жанында туруп, бардык иш аракетин диний тараптан колдоого алган.

Темир бош кезинде адабий чыгармаларды, өзгөчө поэзияны окуганды жакшы көргөн. XIV кылымдын экинчи жарымында жана XV кылымдын биринчи жарымында Самарканда, Гератта, Балхта түрк адабиятынын көрүнүктү өкүлдөрү, өлбөс-өчпөс чыгармаларды жаратышкан Атоий, Санккокий, Лутфи ж.б. жашашкан. Булардын эмгектерин Алишер Новои да жогору баалаган.

**Жыйынтык.** Амир Темурдун тарыхтагы ролу – анын күчтүү аскердик стратегиялары жана катаал башкаруусу менен байланыштуу. Ал ошондой эле маданий байланыштарга чоң маани берген жана көптөгөн архитектуралык долбоорлорду ишке ашырган. Өзүнүн бийлигин бекемдеп, бул аймактагы бир нече маанилүү илимий жана маданий борборлорду колдогон. Анын орду жана таасири бүгүнкү күндө да жогорку баага ээ, анткени Амир Темурдун ишмердүүлүгү көптөгөн улуттардын жана элдердин тарыхында терең из калтырды. Бүгүнкү күндө анын ишмердүүлүгү тарыхый жана маданий изилдөөлөрдүн негизги объектилеринин бири болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Рахманалиев Б. Тамерлан (эпоха, личность, деяние). Москва, 1992
2. Мирсайдуллаев М. Темирийзода Умаршайх Мирза. Ташкент, 2024
3. Кадыров Т.Д. История Центральной Азии. Ош, 2007
4. Бартольд В.В. Царствование Тамерлана. Москва, 1992

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**

№2(5)/2024, 26-31

**УДК: УДК: 323.15(574)**

**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_5

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН ТАРЫХЫ (“БИЙЛИК ПАРТИЯЛАРЫНЫН” МИСАЛЫНДА)

ИСТОРИЯ ИНСТИТУТА ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ НЕЗАВИСИМОГО КЫРГЫЗСТАНА (НА ПРИМЕРЕ “ПАРТИЙ ВЛАСТИ”)

THE HISTORY OF THE POLITICAL PARTY INSTITUTION IN INDEPENDENT KYRGYZSTAN (BASED ON THE EXAMPLE OF “RULING PARTIES”)

**Арстанов Сабыркул Абдиманапович**

*Арстанов Сабыркул Абдиманапович*

*Арстанов Сабыркул Абдиманапович*

***т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети***

*к.и..н., доцент, Ошский государственный университет*

*Dr. Professor, Osh State University*

sarstanov@oshsu.kg

---

**Төлөгөнова Аделя Төлөгөновна**

*Тологонова Аделя Тологоновна*

*Тологонова Аделя Тологоновна*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**

*магистрант, Ошский государственный университет*

*masters student, Osh State University*

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН ТАРЫХЫ (“БИЙЛИК ПАРТИЯЛАРЫНЫН” МИСАЛЫНДА)

**Аннотация**

Бул макалада эгемендүү Кыргызстандын саясий партиялар институтунун тарыхы, анын ичинен «бийлик партияларынын» орду жана таасири талданат. Кыргызстандын эгемендүүлүк алгандан кийинки саясий партиялардын түптөлүшү, алардын ишмердүүлүгү жана бийликке таасири коомдук жана мамлекеттик процесстерде чоң мааниге ээ. Макалада негизги партиялардын (мисалы, “Алга Кыргызстан”, “Ак Жол”, “КСДП”, “Биримдик”, “Мекенчил”) саясий элитага жана өлкөнүн башкаруусуна болгон таасири жана алардын саясий күрөшү каралат.

***Ачкыч сөздөр:*** Эгемендүүлүк, саясий партиялар, бийлик партиялары, Кыргызстандын тарыхы, саясий система, демократия, шайлоо, саясий элита

***История института политических партий независимого кыргызстана (на примере “партий власти”)***

**Аннотация**
В статье рассматривается история института политических партий независимого Кыргызстана, а также роль и влияние «партий власти». В работе анализируется становление политических партий после обретения независимости, их деятельность и влияние на государственные процессы. Рассматриваются основные партии, такие как “Алга Кыргызстан”, “Ак Жол”, “СДПК”, “Биримдик”, “Мекенчил”, а также их влияние на политическую элиту и управление страной.

***Ключевые слова:*** Независимость, политические партии, партии власти, история Кыргызстана, политическая система, демократия, выборы, политическая элита

***The history of the political party institution in independent kyrgyzstan (based on the example of “ruling parties”)***

**Abstract**
This article examines the history of the political party institution in independent Kyrgyzstan, focusing on the role and influence of «ruling parties». It analyzes the establishment of political parties after independence, their activities, and their impact on state processes. The main political parties, such as “Alğa Kyrgyzstan”, “Ak Jol”, “SDPK”, “Birimdik”, “Mekenchil” are discussed, highlighting their influence on the political elite and the governance of the country.

***Keywords:*** Independence, political parties, ruling parties, history of Kyrgyzstan, political system, democracy, elections, political elite

**Киришүү.** Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин саясий партиялар институту калыптана баштады. Өлкөнүн мамлекеттик жана коомдук турмушунда партиялар маанилүү орунду ээлеп, бийликти бөлүштүрүү жана башкаруу процесстеринде өзгөчө ролду аткарып келүүдө. Демократиялык институттардын, өзгөчө саясий партиялардын өнүгүү жана калыптануу процесси, көп партиялуулуктун курулушу Кыргызстандагы коомдук жашоонун бүгүнкү мазмунун аныктап турат. Азыркы партиялык статус-кво өзүнүн бай тарыхына жана кызыктуу тарыхый башатына ээ. Кыргызстанда көп партиялуу системанын жаралышы жана калыптанышы этаптарга бөлүнгөн өнүгүү процессинин көз карашынан алганда кызыктуу болуп саналат [5; 6].

Эгемендүү Кыргызстандын саясий партияларынын тарыхы, алардын саясий системадагы орду жана таасири боюнча ар кыл багыттарда изилдениши зарыл. Бул макалада Кыргызстандын эгемендүүлүк алган мезгилинен тартып, «бийлик партияларынын» тарыхы, алардын саясий институт катары өнүгүшү, коомдук ишмердүүлүгү жана саясий процесс боюнча таасири каралат.

**Негизги бөлүк.** 1991-жылы советтик бир партиялуу системанын кыйрашынан кийин, Кыргыз Республикасында эркин шайлоо жана көп партиялуулук негиздери түптөлө баштаган. 1991-жылы «Граждандык уюмдар жөнүндө» мыйзам, ал эми 1999-жылы «Саясий партиялар жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзам өз мезгилинде абдан либералдуу болуп, саясий партияны 10 адамдын демилгеси менен түзүүгө жол берген [1, 28]. Ошол убактан баштап Кыргызстанда мыйзам чыгаруу бийлик органдарын уюштуруу процесси башталып, саясий партиялар түзүлүп, алар шайлоо процесстерине активдүү катыша баштады.

2000-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын парламентин мажоритардык система аркылуу калыптандырууга шарт түзүлгөн. 2007-жылдан баштап саясий партиялар парламентти толугу менен пропорционалдык система аркылуу түзө баштаган. 2010-жылдагы апрель окуяларынан кийин жаңы Конституция кабыл алынгандан соң, Кыргызстан парламенттик-президенттик башкаруу формасына өткөн [4]. Жаңы Конституция Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо үчүн пропорционалдык шайлоо системасын бекемдеп, бул биздин оюбузча Кыргызстандагы саясий партиялардын өнүгүшүнө дагы өбөлгө түзө баштады.

Кыргыз Республикасында парламентаризмдин өнүгүү өзгөчөлүгү – партиялык системанын патронаждык тармактардын негизинде өнүгүшү. Бул тармактардын негизинде бизнес кызыкчылыктары жана «регионалдык иденттүүлүктөр» жатат. Патронаждык тармактар – бул материалдык кызыкчылык негизинде түзүлгөн адамдардын жамааты. Алардын өз ара мамилелеринде бейрасмий байланыштар жана коммуникациялар басымдуулук кылат. Мамлекетти башкаруу процессинде мындай тармактардын өкүлдөрү бири-бирине мыйзамсыз саясий жана финансылык аракеттерди ишке ашырууда коопсуздукту камсыздашат. Патронаждык тармактардын социалдык түзүмү бир калыпта эмес жана туугандык байланыштардын чегинен чыгып кетет.

Партиялар бейрасмий байланыштардын же патронаждык тармактардын негизинде иш алып барышат. Бул тармактарда патрон – мамлекеттик ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгү бар кызматтагы адам. Кыргызстандагы саясий партиялардын негизги максаты – патронаждык

тармактарды колдонуу менен ресурстарга жетүү үчүн активдүү күрөш жүргүзүү. Мунун баары парламенттеги «партиялык стратегиялардан» ачык көрүнүп турат [3].

"Бийлик партиялары" деген түшүнүк Кыргызстандагы саясий процесстерде өкмөттүк бийликке жакын болгон жана аны колдогон партияларды билдирет. Мындай партиялар көп учурда башкаруучу партия катары саясий системада үстөмдүк кылып, өкмөттү башкаруу жана саясий процесстерде үстөмдүк кылуу менен айырмаланат. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында мындай партиялар бир нече жолу пайда болуп, өз ордун алган.

Мисалы, 2000-жылдагы парламенттик шайлоодо "Демократиялык күчтөрдүн биримдиги", 2005-жылдагы парламенттик шайлоодо "Алга Кыргызстан" партиялары катышкан. Бул партиялар ошол кездеги президент А.Акаевдин колдоосу менен түзүлгөнү белгилүү.

2005-жылдагы "Жоогазын" революциясынан кийин, "Ак жол" партиясы өлкөдөгү бийликте чоң саясий таасирге ээ болуп, көп партиялык системада «бийлик партиясы» катары өз ордун тапкан. Бул партия 2007-жылдагы парламенттик шайлоодо үстөмдүгүн орнотууга аракет кылып, көз карандысыз саясат жүргүзүүгө киришкен.

2010-жылдагы апрель окуяларынан кийин өлкөдөгү курч кырдаал кандайдыр бир деңгээлде саясий партиялар үчүн атаандаштык шартын түзгөн. Бул жылдагы парламенттик шайлоолордо "КСДП", "Ата Мекен", "Акшумкар" партиялары "бийликчил" мүнөздө катышышкан. Себеби бул партиялардын лидерлери 2010-жылдагы Убактылуу Өкмөттүн курамында, бийликте турушкан [2].

2020-жылдагы октябрь окуяларында өлкөдөгү кезектеги саясий кризистер "бийликчил" партиялардын парламенттик шайлоодогу үстөмдүк кылуу аракетинен келип чыкты. Бул шайлоодо "Биримдик", "Мекеним Кыргызстан" жана "Кыргызстан" партиялары "бийликчил" статуста катышышкан.

Өлкөбүздүн эгемендик тарыхында көп учурда "Бийлик партиялары" өзүнүн негизги ролун өкмөттүк башкаруу боюнча жүргүзүлгөн реформалар жана саясий стабилдүүлүктү сактоо жагынан көрсөтө алышкан жок. Алар көпчүлүк учурда саясий процесстердин (мисалы шайлоолордун) алдында түзүлүп, саясий элитада өзүнүн ордун табууга аракеттенишет. Мындай партиялардын коомдук таасири бийликтин экономикалык жана саясий реформаларга, социалдык саясатка, ошондой эле өлкөнүн тышкы саясатындагы ийгиликтерге байланыштуу болгон.

Бирок, баары бир Кыргызстандагы көп партиялуу системанын өнүгүшү шайлоо процессинде партиялардын коомдук таасирин жогорулатууга багытталган аракеттерди көрүүгө алып келген [4]. Айрым учурларда шайлоолордо жеңишке жеткен «бийлик партиялары» мамлекеттик саясатты түзүү, реформаларды ишке ашыруу жана эл аралык деңгээлде Кыргызстанды таанытууда чоң роль ойношот. Мисалы, 2015-жылдагы парламенттик шайлоодо "КСДП", 2021-жылдагы парламенттик шайлоодо "Ата-Журт Кыргызстан" партиялары өздөрүнүн саясий элитадагы ордун бекемдеп, өлкөдөгү саясий кырдаалга таасир эте алышты.

Партияларды ар түрдүү типология боюнча классификациялоону шарттаган көптөгөн критерийлер бар. Бирок биздин өлкөнүн мисалында бүгүнкү күндө ар кандай критерийлерди колдонуу концептуалдык шайкешсиздиктерге алып келүүдө. Кыргызстанда партиялардын

типологиясын жүргүзүү аракеттери көбүнчө өзгөрмө мүнөзгө ээ болгон критерийлерге негизделет. Мисалы, партияларды бийликке тиешелүүлүгү боюнча классификациялоо – «бийлик партиялары», «оппозициялык партиялар» учурдагы мезгил үчүн гана актуалдуу болушу мүмкүн. Ошондуктан бул критерийди колдонуу Кыргызстанда туруктуу жана калыптанган партиялардын түрлөрүн жана алардын өзгөчөлүктөрүн аныктоого жетишсиз.

Партияларды эки критерий (партиянын уюштуруучулук түзүмү жана идеологиялык багыты) [3] менен классификациялоо саясий партиялардын негизги калыптануу багыттарын кандайдыр бир деңгээлде аныкташы мүмкүн. Атап айтканда, классификациялык анализ партияларга мүчөлүктүн негизги принциптерин аныктоого жардам берет. Мындан тышкары, бул анализ партиялардын Кыргызстанда кандай негизде биригиши мүмкүн экенин түшүндүрө алат. Бул бизнес, аймактык же идеологиялык кызыкчылыктын негизинде болушу мүмкүн.

Окумуштуулар Кыргызстандагы учурдагы саясий партияларды төмөнкү критерийлер боюнча классификациялоого мүмкүндүк берет деп эсептейт:

1. Идеологиялык критерий боюнча: прагматикалык, доктриналдык, харизмалык-вождисттик болуусу мүмкүн.

• Прагматикалык – мындай партиялар иш-аракеттердин практикалуулугуна, максатка ылайыктуулугуна гана эмес, шайлоо кампаниясынын мезгилинде эң жагымдуу жана актуалдуу болгон идеяларды, ураандарды пайдаланууга багытталат («Мекенчил», «Ыйман Нуру», “Ишеним” ж.б.).

• Доктриналдык – алардын ишмердүүлүгү так калыптанган идеологияга жана аны коргоого негизделет. Буларга Коммунисттер, Социал-демократтар партияларын кошууга болот.

• Харизмалык-вождисттик – мындай партияларда мүчөлөр кандайдыр бир идеянын тегерегинде эмес, көбүнчө лидердин, вожддун популярдуу инсандыгынын тегерегинде биригишет («Ата-Мекен», «Бүтүн Кыргызстан» ж.б.).

Ал эми уюштуруучулук түзүмү боюнча критерий Кыргызстанда партиялар массалык жана кадрдык [1, 17-18] болуп бөлүнөрүн көрсөтөт.

Массалык партиялар парламенттен тышкары калыптанган жана өзүнүн социалдык базасын негизинен калктын төмөнкү катмарларынан: жумушчулардан, дыйкандардан, диний топтордон тартат. Адатта, массалык партиялар солчул багытка ээ болуп, алар үчүн жогорку деңгээлдеги идеологиялаштыруу мүнөздүү. Бул идеология массалык саясий мобилизация үчүн колдонулат; массалык партияларда жетекчилик кесипкөй саясатчыларга жана партиялык бюрократияга таандык, партиянын мүчөлөрү мүчөлүк төлөмдөрдү төлөп гана тим болбостон, партиянын иш-аракеттерине да катышат.

Массалык партиялар жалпы шайлоо укугу киргизилген учурдан тарта пайда болгон. Бул жаңы типтеги партиялар, алар массалык мүнөзгө ээ болуп, массаларды саясий тарбиялоого жана эл ичинен элиталарды калыптандырууга багытталган. Партиянын баштапкы уюмдары аймактык жана өндүрүштүк принциптерге ылайык түзүлөт, бирок комитеттерден айырмаланып, жаңы мүчөлөр үчүн ачык болуп саналат. Андан сырткары,

массалык партиялардын баштапкы уюмдары өз катарын толуктоого кызыкдар. Бул партиялардын мүчөлүк төлөмдөр эсебинен жашашы менен байланыштуу.

Кадрдык партиялар өз максаттарына белгилүү саясатчылардын арасынан кадрларды тандоо аркылуу жетишет. Кадрдык партиялар аз сандуу болуп, белгилүү саясий лидерлердин айланасында түзүлөт. Алардын негизги уюштуруучулук түзүмү – саясий комитет; мүчөлүк эркин болуп, уюштуруучулук түзүмү көмүскө жана бошоң келет. Буларга учурдагы көпчүлүк партияларды кошууга болот. Мындай партиялар парламентке кирүү механизминин негизинде түзүлгөндүктөн, ал жакта аймактык, саясий жана каржылык таасирге ээ адамдар тандалган.

Кадрдык партиялар демократиянын баштапкы пайда болгон мезгилине барып такалат, анда шайлоо укугу дагы эле чектелүү болчу. Ошол жабык саясий мейкиндикте кадрдык партиялар үстөмдүк кылган класстардын, негизинен буржуазиянын саясий кызыкчылыктарын чагылдыруу каражаты болгон. Алардын ишмердүүлүгү шайлоодо жеңишке жетүүгө багытталган. Кадрдык партияларда башкы ролду парламент мүчөлөрү ойнойт. Алар шайлоочулардын добушуна таянган өзгөчө лидерлер болуп саналат, алардын ийгилиги жана партиянын абалы ошол добуштарга көз каранды.

**Корутунду.** Кыргызстандагы саясий партиялардын тарыхы, алардын коомдук жана саясий ишмердүүлүгү өзгөчө татаал жана көп кырдуу процесс болгон. Жогоруда белгиленгендей, «Бийлик партияларынын» үстөмдүк кылуусу, демократиянын өнүгүүсүнө кээде тоскоолдук кылган болсо да, ал ошол эле учурда саясий стабилдүүлүктү сактоо жана реформаларды ишке ашыруу максатында маанилүү чараларды көрүүгө себеп болгон. Кыргызстандын саясий партиялар системасынын өнүгүүсү жана демократиялык негиздердин бекемделиши өлкөдөгү саясий кырдаалды түп тамырынан өзгөрттү.

**Колдонулган адабияттар жана булактар**

1. Базарбаев К., Жумагулов Б. Политические партии Кыргызстана: теория и практика. Б.: 2012. - 140 с.
2. Галиева З.И. Современный Кыргызстан: власть, политические партии и общество // эл. шилтеме: file:///C:/Users/2019/Downloads/sovremennyy-kyrgyzstan-vlast-politicheskie-partii-i-obschestvo.pdf
3. Иманалиева Б. Политические партии Кыргызстана: генезис, база, перспектива // эл. шилтеме: https://www.bicis.kg/events/view/10
4. Кадырова Ч.А., Исираилова А.Т., Алымбек уулу М. Демократиялуу Кыргыз Республикасынын түзүлүшүндөгү саясий партиялардын ролу // ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023
5. Esenalieva, A. D. Roles and Functions of Political Parties: Main Theoretical Approaches / A. D. Esenalieva, A. K. Tashybaeva // Bulletin of Osh State University. – 2022. – No. 2. – P. 119-124. – DOI 10.52754/16947452_2022_2_119. – EDN MTSFEH.
6. Джанибекова, В. Б. Саясий өкүлдүк системасындагы кызыкчылыктар группасы менен саясий партиянын катышы / В. Б. Джанибекова, К. Х. Нурдинова // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – No. 1-3. – P. 350-354. – EDN YOKRRJ.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 32-40

**УДК: 355/359 (575.2)**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_6

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КООПСУЗДУК МАСЕЛЕЛЕРИ

# ВОПРОСЫ БЕЗОПАСНОСТИ КЫРГЫЗСТАНА

# SECURITY ISSUES IN KYRGYZSTAN

**Султанова Айжан Турдалиевна**
*Султанова Айжан Турдалиевна*
*Султанова Айжан Турдалиевна*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и..н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr. Professor, Osh State University*
asultanova@oshsu.kg

---
16-кылымда бул уруулардын саны 40ка жеткен: Бахрин, Бешюк, Дорман, Жалойир, Кенагас, Мангут, Минг, Можор, Найман, Олчын, Орлот, Сулдус, Тоңёрук, Уйгур, Халож, Чито, Ширин, Отарчы, Каңлы, Катаган, Кыпчак. 17-кылымга карата алардын саны 50дөн ашык болуп, андан кийинки 20 уруу аттары кошулган. Булар: хури, кырк, курама, дугдудок, бет, келечи, узз, кулон, аянлык, кока араб, кош бут, уйрот, булочи (булочи), макрит, фуловчи, шабаят, месит.

Кыпчактардын негизги жашаган жери Ферганаңын чыгыш аймактары деп эсептелген. Кыпчактар Анжиян жана Ош облустарында, Кашкар-Гүлчө жолунда, Аксы четинде, Моди аймагында, Гамайл кыштагында жана хандыктын ар кайсы аймактарында жашашкан [3, 128-129].

В.Наливкин жана башка бир катар булактар берген маалыматтарда кыпчактар негизинен жарым көчмөн уруулар катары жашаганын билүүгө болот [19, 19]. Дыйканчылыкка, мал чарбачылыкка жана дыйканчылыкка тез өтүү кыпчак дворяндарынын

экономикалык жактан чыңдалышына алып келген. Индиялык турист Мир Иззат Улла да кыпчактар көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашагандыгын, алардын дээрлик бардыгы бай жана бай экенин, эркектери кыргыздарга караганда сулуураак жана жарашыктуу кийингенин [21, 156] айтат. Наливкин да ушул сөздөрдү баса белгилеп, кыпчактар экономикалык жана саясий жактан башкаларга караганда алда канча күчтүү экенин айтат [19, 19]. Хандын аскерлеринин эң мыктылары кыпчактар болгон.

Илимий кызматкер Р. Набиев өз эмгегинде орус этнографы жана жазуучусу А.П.Хорошхин тапкан маалыматтарга таянып, кыпчактар Кокон хандыгынын чыгыш аймактарын, атап айтканда, Кашкарга баруучу кербен жолун көзөмөлдөп тургандыктарын айтат. Ошондой эле, ал Ош аймагы кыргыз-кыпчак калкынын борбору экенин, ал жерде Кокон хандыгынын жоокерлери эч качан турбаганын жазат. Нарын менен Кара-Дарыянын ортосунда жайгашкан эки суунун ортосундагы аймак кыпчактардын туруктуу жашаган жери болуп саналат, ал эми борбордук аймак Ферганыны басып алуу учурунда падыша өкмөтүнүн аскерлери тарабынан талкаланган деп айтылат [18, 425].

Кыпчактардын бир бөлүгү Сырдарыянын жогорку агымын бойлоп Ташкент оазиси менен Мирзачөл зоналарында отурукташкандыгы айтылат. Башка бөлүгү Орто Зарафшанды бойлой отурукташкан. Кайрадан 18-кылымдын 20-30-жылдарында Түндүк Фергананын тоо этектерине кыпчактар келип отурукташкан. Бул мезгилде кыпчактар 4 негизги топко бөлүнгөн: кара кыпчак, сары кыпчак, кытай кыпчак жана кулон кыпчак [23, 10] деген маалыматтар бар .

Кыпчак уруусу бир катар уруктардан турган деп орус окумуштуусу Р. Набиев Мулла Шавкинин жазган «Жаңнома» чыгармасын да өз эмгегинде колдонот. Анын айтымында, ал 19-кылымдын 40-50-жылдарында Кокон хандыгынын коомдук-экономикалык жана саясий турмушунда маанилүү орунду ээлеген кыпчактын Кулон уругунан төрөлгөн. Улмас уругу хандыктын коомдук-саясий турмушунда да чоң роль ойногон, саясий турмушка аралашкан. Хотамкул хандыктын документтеринде Кудаярхандын атына анын жашаган жеринен мамлекеттик казынага мыйзамсыз эки эселенген акча чогултулганы тууралуу арыз жазганы эскерилет. Бул арызда кыпчактын улмас уруусу Сырдарыя дарыясынын жээгинде жашаары жана үч жылдан бери хандын саркерлеринен ар кандай чөптүн сабагын сатып алып жүргөндүгү жазылган [18, 425].

Кыпчак уругу Кокон хандыгынын саясий турмушунда чоң роль ойногону тарыхтан белгилүү. Кудаярхандын кайнатасы Мусулманкулдун мамлекеттик иштерде жүргүзгөн саясаты буга ачык далил. Мусулманкулдун башкаруусунун тушунда кыпчактарга жер бөлүп берүү, мамлекеттик кызматтарда кыпчак уруусунун басымдуулук кылышы, аларга берилген салык жеңилдиктери, соодада кыпчактарга көңүл бурушу башка элдердин жек көрүүсүн туудурган. Мусулманкул өлүм жазасына тартылгандан кийин бул иштер токтотулган. Кыпчактардын саясий бийлигин бөлүп-жаруу максатында Кокон хандары жаңы жерлерге ээ болуу максатында аларды шаардан кууп чыгышкан. Кокондук изилдөөчү окумуштуу Яхёхан Дадабоев «Хоканд шаарынын Латиф кичирайондорунун жана көчөлөрүнүн аталышынын тарыхы» азыркы «Кыпчакарык» конушу тууралуу маалымат берет [11, 75]. Анын айтымында, бул арык Мухаммед Алихан тарабынан уулу Мухаммед Аминбектин туулган күнүнө карата казылганын, казуу иштерине кыпчак молла Холбек Додхох дайындалганын

жана бул арык Кокондон 10-15 миль түндүктө жайгашкан Кыпчак аймагын сугаруу максатында казылган.

Хандыктын аймагында жашаган уруулар алардын башчыларынын же уруктун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн ысымдары менен катар кездешет. Мисалы, кыпчак урууларынын бири Элатон хандыгынын саясий турмушунда маанилүү роль ойногон, Яшык уруусунан Отамбай менен Мирзад хандыктын тарыхында маанилүү роль ойногон. Ити кашка уруусунан бир туугандардын ортосундагы кандуу салгылашууларга активдүү катышкан Мулла Холбек менен Мухаммадяр тууралуу да маалыматтар бар. Бул уруунун өкүлдөрү Наманган аймагын жети жыл башкарып, Хан ордосунда чоң таасирге ээ болгон [18, 425].

Орус туристтеринин эскерүүлөрүндө хандыктын аймагында жашаган элдер жөнүндө да маалыматтар бар. Мисалы, кара-кыргыз көчмөндөрү Анжиянга жакын жерде жашап, мал чарбачылыгы менен алектенишкен, жергиликтүү калк алар менен үзгүлтүксүз соода-сатык мамиледе болгон [12, 171].

Уруулар, анын ичинде өзбектер улут катары калыптанганга чейин турмуш-тиричилигинин, тилдик мамилелеринин социалдык-экономикалык аспектилеринде өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө, мүнөзгө ээ болгон. Башка өзбек урууларына салыштырмалуу кыпчак уругу да өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Хандык тарыхчылар негизинен шаардыктар, диний же хандыктын кызматчылары болушкан, ошондуктан алардын кыргыздар, өзгөчө кыпчактар жөнүндөгү баяндары өтө ылайыксыз терминдер менен аталат. Маселен, ташкенттик тарыхчы Мухаммед Салих кыпчактарды жана кыргыздарды «таза эмес уруулар» деп атап, бул уруулардын ички бөлүктөргө, топторго бөлүнүшү орус баскынчылыгына чейин уланганын айтат [6, 96].

Бир катар тарыхчылардын айтымында, кыпчактар өзбектерге караганда казактар менен кыргыздарга жакын болгон. Бирок изилдөөлөр кыпчактар чындыгында ал жерде болбогонун, Фергана өрөөнүндө жашагандар жашоо-турмушу, тили боюнча сарттарга жакын экенин көрсөтүп турат. Албетте, бул жерде кыпчактар Фергана чөлкөмүндө отурукташып, жергиликтүү элдер менен мамилеси жакындап, жашоо-турмушу да отурукташып баратканын билүүгө болот. 1812-жылы Кокон хандыгына саякат жасаган индиялык саякатчы Мир Иззет Улла кыргыз, түрк, кыпчак, мин, казак элдеринин Коконга баш ийүүсү тууралуу баяндайт [21, 159]. Бул маалыматтар жогоруда аталган элдер негизинен шаардын чет жакаларында жашап, көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашап келишкендигин далилдейт.

Жергиликтүү булактарда хандыктын калкы, элдери, уруулары тууралуу өтө чачыранды маалыматтар берилген деп айтууга болот. Бирок бүтүндөй Борбордук Азиядагы этномаданий мейкиндиктин курамы бирдей экени белгилүү болду. Калк субэтникалык аймактарда көбүрөөк топтолгон, ал эми алардын өкүлдөрү башка аймактарда азыраак. Хандыктын казактар менен чектеш аймактарындагы казактар, коңшулаш жерлердеги кыргыз-кыпчактар, бул элдин өкүлдөрү, тажиктер менен бирге жашаган жергиликтүү тажиктер жетекчи болгон. Хандыктын саясий тарыхында роль ойногон алдыңкы уруктардын ичинен миңдер, маңгыттар, коңураттар, кыпчактар, өзбектер тууралуу жергиликтүү тарыхчылар көбүнчө кеңири маалымат беришкен. Бирок, азыркы илим талап кылган уруулардын саны, курамы, эмне менен алектенип жатканы, андагы жыныстык курамы тууралуу жетиштүү маалыматтарды табуу кыйын.

Казактар Кокон хандыгында жашаган этностордун бири болгон. 18-кылымда казактар төмөнкү аймактарда жашашкан: Чымкентте Шымыр, Ташкентте төрт казак уруусу, Чиназда казактардын эки тобу – Кулаш жана Найман, ал эми Хиччим уруулары Паркентте жана анын айланасында жашашкан. Бул уруулар жайында көчмөн болуп, кышында отурукташкан жерлерге жакын жашаган. Ошондуктан, алгачкы күндөрү Жаныш уруусунан Толобай уулу Ниёзбек Ташкентке жакын жерде Ниёзбек чебин негиздеп, бул чеп Ташкентти суу менен камсыз кылууда негизги чекитке айланган. Сыргали уруусу Бойтепак деген конуш салса, Кият уруусу Кибрайга отурукташкан. Бирок бул абал көпкө созулган жок. 1794-жылы Юнусхожа Ташкентте санчкли жана канглы урууларына таянып бийлик орноткон. Аларга кыят жана түрк уруулары кошулат. Бул төңкөрүштөн кийин Ташкент оазисинде төрт уруу маанилүү роль ойной баштаган (аларга жакшы жерлер бөлүнүп берилген жана башка уруктардын өкүлдөрү, мисалы, дулат уруусу ээлеген кызматтарынан бөлүнгөн). 19-кылымдын орто ченинде Акмечитке жакын жерде барлас уруусу, Жулекте кыпчактар (1861-жылы алардын саны 5000дей киши болгон) жашаган. Бештамгали уруусу Түркстандагы Ариске жакын жерде жашаган. Хунгираттар Чымкентке жакын аймактарда жашашкан. Жаппас (жафас/яфас) уруусу төөлөрү менен Ташкент менен орустардын ортосунда жүк ташууда ортомчулук кылышкан. Кудаяр хандын Оренбургдан Хива аркылуу Иранга качышын дал ушул уруунун өкүлдөрү уюштурган. 19-кылымдын башында Ташкентте жашаган казактардын саны 40 лак (400 миң) болгон [7, 183]. Алимхан хандыктын аймагын кеңейтүү үчүн ар кандай жортуулдарды жүргүзгөн. Маселен, ал өзү Кировчыда туруп, Ташкенттин айланасында жана Чымкентке чейинки аймактарда жашаган казактарды талап-тоноо үчүн он эки миңдик кошуунду жибергендиги тууралуу маалымат түндүк-батыш аймактарда жашаган калктын басымдуу бөлүгүн казактар түзгөндүгүн көрсөтөт [16, 73].

Хандык калкынын дагы бир этникалык тобу - каракалпактар. Каракалпактар өрөөн аймагына 18-кылымдын орто ченинде көчүп келишкен. Алар негизинен Ташкенттин чет жакаларында, Шахимарданда жана Фергананын борбордук аймактарында жашашкан [7, 191]. Орус саякатчысы Филипп Назаров 1813-жылы Кокон хандыгына жасаган саякатында Кокон хандыгынын чек ара аймактарында жашаган элдер тууралуу маалымат берген. Анын айтымында, хандык түндүк аймактарда кара-кыргыздар, батышта арабдар жана трухмендер, түштүк аймакта галча жана каратегиндер, чыгышта Кашкар менен [12, 167] чектешкен.

Кокон хандыгынын аймагында жашаган элдер жөнүндө мындай тыянак чыгарууга болот: түрк уруулары бул жерде байыртадан бери жашап, көчмөндүктөн отурукташкан жашоого өткөн. Албетте, буга байыртадан бери бул жерде жашаган, отурукташкан элдердин, ошондой эле жаратылыш шарттары да өз таасирин тийгизген.

**Адабияттардын тизмеси**

1. Abaşin S. Orta Asya’da Çay: XVIII-XIX. Yüzyıllarda Bir İçeceğin Tarihi ( Çev. M. Önder DURAN) // Türk Tarihi Araştırmaları Dergisi 2020. Vol. 5, Sayı. – S. 181.
2. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ленинград, 1971. – С. 25.
3. Аваз Муҳаммад Аттор Хўқандий. Тарихи Жаҳонномайи // Шарқ юлдузи. 1991. 8-сон. – Б. 128-129.

4. Аполлова П. Г. Опыт поливного земледелия казахов и каракалпаков в районах Сырдарьи Амударьи в XVII – первой половине XIX вв. / В кн.: Из исторического опыта сельского хозяйства в СССР – Москва, 1969. – С. 114-116.
5. Аҳмедов Б. Тарихдан сабоқлар. – Тошкент: Ўқитувчи, 1994. – Б. 378.
6. Бабаджанов Б. М. Кокандское ханство: власть, политика, религия. – Токио – Ташкент. 2010. – С. 96.
7. Бейсембиев Т.К. Кокандская историография... . – С. 183-184 // Миддендорф АФ. Очерки Ферганской долины. – Санктпетербург, 1882. – С. 339..
8. Воҳидов Ш. Қўқон хонлигида тарихнавислик. – Тошкент: Akademnashr, 2010. – Б. 58.
9. Губаева С. Ферганская долина. Этнические процессы на рубеже XIX – XX вв. – Saarbruken, 2012. – С. 171.
10. Губаева С.С. Горные таджики Каратегина в Ферганской долине (конец XIX – начале XX в.). – // Советская этнография. № 1. 1987. – С. 87 // Миддендорф А.Ф. Очерки Ферганской долины. – Санкт-Петербург, 1882. – С. 344-345.
11. Дадабоев М. Я. Хўқанди латиф маҳаллалари ва кўчаларининг номланиш тарихи. – Б. 75.
12. “Записки о некоторых народах и землях Средней Азии” Филиппа Назарова (1813-1814). История Узбекистана в источниках. – Тошкент: Фан, 1988. – С. 167..
13. Зотова Н.А. История расселения на территории Северо-Западной Ферганы. – С. 16.
14. Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии. – Москва, 1958. – С. 179.
15. История Узбекистана. – Тошкент: Фан, 2012. – С. 416.
16. Мирзо Олим Маҳдумҳожи. Тарихи Туркистон / араб алифбосидан табдил, кириш ва изоҳлар муаллифи Ш.Воҳидов. – Тошкент: Янги аср авлоди, 2009. – Б. 73..
17. Муҳаммадхакимхон Тўра. Мунтахаб ат таворих. – Б. 82 // Худоёрхонзода. Анжум ат-таворих. – Тошкент: Fan va texno;ogiya, 2014. – Б. 115.
18. Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. – С. 425.
19. Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства. – Казань: Типография Императорского Университета, 1886. – С. 19..
20. Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханствао. – Фрунзе: Илим, 1977. – С. 79.
21. Путешествие Мир Иззет Уллы в Кокандское ханство (1812). История Узбекистана в источниках. – Тошкент: Фан, 1988. – С. 156..
22. Толобаева Э.А. Участие кыргызов политической жизни Кокандского ханства в XVIII веке (концептуальный анализ) // Международный журнал экспериментального образования. 2020. № 6. – С. 46.
23. Ўзбекистон миллий энциклопедияси. 11 том. – Тошкент: Давлат миллий энциклопедияси нашриёти, 2005.– Б.10..
24. Шишов. А. Таджики (этнографическое исследование). – Алматы, 2006. – С. 5.
25. Апышова, А. К. Кокон хандыгы XIX кк. 40-70-жж. (Түркестан жыйнагынын айрым материалдарында) / А. К. Апышова, Э. А. Салиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Тарых. – 2024. – No. 1(4). – P. 15-19. – DOI 10.52754/1694867X_2024_1(4)_3. – EDN DMRPBI.
26. Анарбаева, Г. А. Кокон хандыгынын түзүлүшү жана анын өнүгүү этаптарынын анализи / Г. А. Анарбаева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Тарых. – 2024. – No. 1(4). – P. 59-68. – DOI 10.52754/1694867X_2024_1(4)_7. – EDN KNJWQK.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 53-58

**УДК: УДК: 94(575.3)**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_8

# КОКОН ХАНДЫГЫНДА САЯСИЙ НИКЕЛЕШҮҮ САЛТЫ

## ТРАДИЦИЯ ПОЛИТИЧЕСКИХ БРАКОВ В КОКОНСКОМ ХАНСТВЕ

## THE TRADITION OF POLITICAL MARRIAGES IN THE KOKAND KHANATE

**Гүлназ Аскарбек**
*Гүлназ Аскарбек*
*Gulnaz Askarbek*

***PhD, Кыргыз-Түрк Манас университети***
PhD, Кыргызско-Турецкий университет Манас
PhD, Kyrgyz-Turkish University Manas
gulnaz.askarbek@manas.edu.kg
Orcid 0000-0003-3514-4867

# КОКОН ХАНДЫГЫНДА САЯСИЙ НИКЕЛЕШҮҮ САЛТЫ

**Аннотация**

Макалада, саясий никелерди түзүүдөгү негизги максаттар, талап кылынган шарттар жана саясий никелешүүнүн түрлөрү жөнүндө маалымат берилет. Ошондой эле, саясий никелешүү келишимдеринде коюлган талаптарды ишке ашырбаганда кандай абалга алып келээри тууралуу жана бир гана негизги темага токтолбостон, темага түздөн түз байланыштуу болгон аялзаттын ролу тууралуу да сөз кылынат. Династиялык саясий никелешүү процесстери маданияттын өзгөрүшүнө таасирин тийгизгендиги байкалат.

***Ачкыч сөздөр:*** Династиялык саясий никелешүү, Кокон хандыгы, кыргыздар, Курманжан датка, Жаркын айым, Соно айым, Маниса айым, бийлик

***Традиция политических браков в Кокандском ханстве***

**Аннотация**
В статье представлена информация о основных целях заключения политических браков, необходимых условиях и формах таких союзов. Также рассматриваются последствия невыполнения условий, прописанных в договорах о политических браках. Помимо основной темы, освещается роль женщин в данном процессе. Отмечается, что династические политические браки оказывали влияние на изменение культуры.

***Ключевые слова:*** династические политические браки, Кокандское ханство, кыргызы, Курманжан датка, Жаркын айым, Соно айым, Маниса айым, власть

***The tradition of political marriages in the Kokand khanate***

**Abstract**
The article provides information on the main objectives, required conditions, and forms of political marriages. It also examines the consequences of failing to fulfill the conditions outlined in political marriage agreements. In addition to the main topic, the role of women in this process is discussed. It is noted that dynastic political marriages influenced cultural changes.

***Keywords:*** dynastic political marriage, Kokand Khanate, Kyrgyz, Kurmanjan Datka, Zharkyn Aiym, Sono Aiym, Manisa Aiym, power

Фергана өрөөнүндөгү көчмөн жана отурукташкан калк тарабынан түзүлгөн Кокон хандыгында хан тактысы үчүн ар дайым талаш болуп келгени белгилүү. Эки-үч атаандаш тараптын так талашуудагы саясий күрөшүндө чагымчылдык, кутумчулдук ыкмалар колдонулуп, ордо төңкөрүшү талап-тоноочулук, кандуу кагылышуулар менен аяктаганы белгилүү. Монгол доорунан кийин жаралган тектик идеологияга ылайык, хандыктарда хан болуу укугу Алтын Бешиктин урпактарына гана таандык болуп, бийлик атадан балага, улуудан кичүүгө мураска өтүү тартибинде болгон. Андыктан, бийликке жетүү үчүн өз жакындарын курмандыкка чалуу кадимки көнүмүш адатка айланып мураскорлук принциптери башынан эле бузулган [3, 61-62]. Хандар үчүн өз бийлигин сактап калуу гана эмес, мураскорлук маселеси да маанилүү болгон, бийликти легитимдештирүү кандайдыр бир элдик ишенимди жаратуу тарыхый зарылдык болгон.

Кокон хандыгындагы бийликти легитимдештирүү маселеси бир катар окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынып, эмгектеринде ар түрдүү уламыштар чагылдырылган. Өз үчүрүнда ортоазиялык династияларда монгол баскынчылыгынан кийин бийликти закондоштууруун: чыңгызиддер жана сайиддер менен туугандык байланышта болгон эки булагы колдонулуп келгендиги айтылат [3, 63]. Аталган туугандык байланыштар, саясий кызыкчылыкты көздөгөн нике аркылуу ишке ашкан.

Баардык Кокон хандары Миң уруусунан келип чыгышкан. Миң уруусунун пайда болушу эле жарым-мифтик баяндамалар менен коштолот. В.П. Наливкиндин «Краткая история Кокандского ханства» аттуу эмгегинде «Алтын Бешик» легендасы чагылдырылган. Легенданын негизги мазмуну төмөнкүдөй: 1709 жылы Кокон хандыгын негиздеген Шахрух бий генеологиялык жактан Бабур, Тимур менен туугандык байланышта болгондугу сүрөттөлөт. Шейбаниддерден качкан Бабур Самарканддан Фергана аркылуу Индияга жол тарткан. Ходжент менен Канибадамдын аралыгында баратканда аялы Сейдафакдын толгоосу кармап, Бабур балалуу болот. Наристени жанындагы баалуу буюмдары менен (алтын бешик, куру ж.б.) жолго таштап кетүүгө аргасыз болуп, аталган аймакта кыргыз, кыпчак, миң уруулары жашап тургандыгы эскертилет. Наристени жергиликтүү тургундар асырап алышат. Баланын жанындагы калтырылган баалуу буюмдар анын тектүү жердин баласы экендигинен кабар берип турган. Наристеге Алтын Бешик ысымын беришип, миң урусуундагылар тарбиялай баштаган. Жетилгенде ага төрт уруудан төрт аял алып беришет. Алтын бешиктин миң уруусундагы аялы уул төрөп, атын Тиңир Яр коюшат.Теңир-Ярдын урпактары Кокон хандарынын династиясын негиздөөчүлөр болот [2]. Уламышта байкалгандай эле, миң уруусу Алтын Бешик жана анын урпактары менен никелик жактан гана туугандык байланышта болгонун белгилеп, бийлик никелешүү салты аркылуу өткөрүлүп мыйзамдын чегинде эсептелингени билдирет. Уламыш хандардын буйругу менен бир нече жолу өзгөртүлүп, толукталган [4].

Кокон династиясынын башчылары коңшулаш мамлекеттердин өкүлдөрү жана кол алдындагы элдердин өкүлдөрү менен түрдүү байланыштарда болуп турган. Айрыкча тышкы жана ички саясий практикасында кеңири колдонулуп келген "тынчтык жана туугандык келишимдер" (союздук никелер) өзгөчө орунду ээлеген. Тарыхый фактылар тастыктап тургандай, саясий никелер негизинен эки максатта ишке ашырылган [6].

Биринчиси, өлкө ичинде ар кандай себептер менен түзүлгөн оор саясий кырдаалда зордук жолу менен (куралдуу төңкөрүш, топтук күрөш) бийликке келген өкүмдар, салттык

мураскердик башкаруучу династиянын өкүлү болбой калган учурда. Мында жаңы такты ээси өзүнүн бийлигин мыйзамдаштыруу, саясий кадыр-баркын өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде бекемдөө максатында башкаруучу династия менен никелешип, тамырлашкан.

Экинчиси, кайсы бир мамлекет башчысы өзүнүн аймактагы абалын турукташтыруу, алдына койгон саясий максатын ишке ашыруу: каршылашкан күчтүү душманынын (мамлекеттин) үстүнөн жеңишке жетишүү, бийлигин кеңейтүү, эл аралык кадыр-баркын бекемдөө максатында коңшу кудуреттүү башкаруучулар менен жакшы, достук мамиледе болууга умтулган, алардын колдоосуна ээ болууну көздөгөн. Бул максатта мамлекеттер аралык келишимдер түзүлүп, алар династиялык (саясий) никелер менен бекемделген.

Кокон хандыгы кыргыз урууларына тийиштүү аймактарына тездик менен жайылуусу, кыргыз бий-манаптарды, каалайбы-каалабайбы, түзүлгөн абалда жол табуу менен саясий иш алып барууга аргасыз кылган. Кыргызстандын түштүк региондорунда жашаган кыргыздар территориалдык жактан жакын болгонунан улам аталган маселеге чеберчилик менен киришип, кылдаттык менен саясий жүргүзүп, жадалагалса Кокон хандыгында эң башкы статуска ээ болгон – хандарды атоого күчү жеткен. Саясий никелешүүнүн өзүнүн талаптары болгон, үйлөнө турчу тараптардын абалы тең болуусу шарт. Саяк уруусунун санжырасы боюнча, Ходжентте визирдик кызмат аркалаган кыргыз улутунун өкүлү Байыш мырза, Ирдана бийдин (Эрдене бий) кызы Маниса айым менен үйлөнгөнү айтылат [7].

Ал кезде Кокон бийлигинде башкаруу аппараты түптөлүп, башчылардын жакынкы аймактарга экспансия саясатын жүргүзө баштаган тенденциясы байкалат. Ирдана бий, тарыхта Ходжентти Кокон хандыгынын курамына кошкону менен белгилүү жана Кокон хандарынын санжырасында белгиленгендей, беш кыздын атасы болгон, эки кызынын аты Маниса жана Аниса деп белгиленген. Санжырада баяндалгандар, тарыхка жана архивдик документтерге дал келүүдө, Ирдана бий Ходжентти алууда көчмөн кыргыз бийлери менен иш алып барганы жана алардын жардамын алганы белгилүү. Демек, Байыш мырза жана Маниса айымдын никеси кандайдыр бир деңгээлде саясий нике катары эсептесе болот. Белгилей кетчү нерсе, санжыра боюнча, Байыш мырза дүйнө салгандан кийин Маниса айым Байыш мырзанын иниси Карек мырза (Эшен Карек) менен баш кошкондугу аталган никенин абдан маанилүү болуп, союздук байланыштын үзүлбөшүнө кам көрүлгөндүгү байкалат. Андыктан байыркы жана орто кылымдардагы салт боюнча, өнөктөшүнүн кызына үйлөнгөн тарап, статусу боюнча төмөнкү абалда деп эсептелинген [6]. Демек, жогоруда аталган союздук нике ишке ашкан учурда көчмөн кыргыздардын таасири Кокон бийлигине салыштырмалуу алсыз болгон. Жазма, оозеки булактарда сүрөттөлгөндөй Нарбото бийден баштап (айрым булактарда Абдурахман бийден тарта) Кокон хандары энелик тараптан кыргыздаша баштаганы маалым. Элдик санжырада айтылып жүргөн маалыматтарга таянсак, Нарбото бийдин иниси Ажы бийдин аялы Умсунай кыргыз тектүү болгон [3, 197].

Кокон хандыгынын бийлиги абдан күчтүү деңгээлине жетип кыйроо процессине өтүп баштаганда, Мадали хан өлтүрүлгөн соң, Талас, Чаткал, Аксылык кыргыздардын колдоосу менен 1842-жылы ак кийизге салынып, хан көтөрүлгөн Шералы бийликке келгени менен саясий күчтөрдүн балансы өзгөрөт. Шералы хан Нарбото бийдин иниси Ажы бийдин уулу. Атасы Ажы бий Алим хан менен бийлик талашуу учурунда өлтүрүлгөн соң, Шералы бир тууганы жана энеси Умсунай, Таластагы төркүндөрүнө качууга аргасыз болгон. Шераалы Чаткал, Талас аймагында чоңоюп, улуу аялы кыргыз багыш Бекботонун кызы Соно болсо,

экинчиси да кыргыз саруу уруусунун Аксы өрөөнүн жердеген баркы уругунун бийи Токтоназардын кызы ордодо “Аким айым” (“Хаким айым”) ардак наамы менен белгилүү болгон Жаркын айым (1802–1868) менен баш кошкон [3, 88]. Айрым таластык калемгерлер Жаркын айымды таластык Асперди бийдин кызы катары көрсөтүшүүдө.

Жогоруда байкалгандай Шералы хан эки башка уруу өкүлдөрү менен баш кошуп, эки жактан тең колдоо алганга үлгүргөн. Тарыхый булактарда көбүнчө Жаркын айым тууралуу маалымат кездешкендиги жана тарыхчы Зиябидин Максым «Малика-йи шахбану» деп урматтап эскергендиги, Жаркын айымдын сарайда өзгөчө орун ээлегенин белгилеп турат. Жолдошуна даанышман болуп, жүзүн жашырбаган айым, аталган доордун айымдарынан абдан айырмаланып турган. Жаркын айым жалгыз гана саясий иштерге аралашпай, сарайда көчмөн кыргыз маданиятын тааныткана менен белгилүү [1]. 1842-жылы Алымбек датка өмүрлүк жары Курманжанды ээрчитип, белек-бечкегин алып, Шералы ханга салам айтып келгенде Жаркын айым менен Соно айым аларды боз үйдө тосуп алганы маалым. Фёдор Керенскийдин белгилешинче, Шералы хандын жубайы жана Кудаяр хандын энеси Жаркын айым шаарда эки чоң медресе курдурган.

Мындан сырткары ордого кошо келген Жаркын айымдын жакын тууганы Зыйнат айым менен да Курманжан жакшы ымала түзүп, кыргыздын көрүнүктүү төрт айымы көздөрү өткүчө бири-бирин колдоп, хандыкты башкарууга жигердүү аралашып келишкен. Алымбек датканын ордо менен жакындашуусуна ушул мезгилден баштап Курманжан датка да жардамдашып, ордонун жашыруун сырлары менен кабардар кылып турган.

Андыктан, Соно айымдын да жакындары, туугандары, абалды колдонуп, Шералы хандын чөйрөсүндө топтолуп, ардактуу наамдарды жана кызматтарды аркалай алгандары белгилүү. Негизи эле, Шералы хан жана ошондой эле Кудаяр хан, көчмөн кыргыз салтына жакын болушуп, энелеринин төркүндөрү менен тыгыз мамиледе болгону элдин оозунда айтылып келүүдө [3, 205].

Кийин, кээ бир мамлекеттик ишмерлер, алардын ичинде Рахматуллах минг, Сатибалди датка кыргыз авахат уруусу менен биргелешип, Шералы ханды өлтүрүп, анын ордуна Алим хан жана кыргыз айымдын уулу Мурадды хан көтөрүшкөн. Бул жерде токтоло кетчү нерсе, Мураддын хан династиясынын мураскери болгону легитимдүүлүгүн ал эми энеси кыргыз болгону көчмөн кыргыз коомунун алдында колдоого алынат деген ой менен жасалган иш аракети байкалат. 11 күндөн кийин, Кудаяр хан кайрадан такка отурат, ал эми Мусулманкул өзүнүн аталык бийлигин туугандык жактан бекемдөө максатында, өз кызын Кудаярга берип, хандын жаштыгынан пайдаланып хандыкты башкарууну толук өз колуна алган [3, 202].

Ф.М. Назаровдун “Запискаларында” Кокон хандыгында жашаган аялзатынын абалы толук сүрөттөлгөн. Сартия, отурукташкан айымдар, үйүнөн жалгыз чыга албай, чоң дарбазалардын артында күн өткөрүшкөн. Мындай көрүнүш көчмөн кыргыз айымдарында аз кездешкен, жүзүн жашырбай, эркин сүйлөп чоңойгон кыздар жөнүндө көптөгөн саякатчылар жана изилдөөчүлөр эмгектеринде эскеришет. Макаланын темасына туура келбесе да, Курманжан датканын өмүрүндөгү кээ бир фактылар тууралуу сөз кылбаса болбойт. Аялдардын орду диний, саясий, экономикалык факторлор менен чектелген доордо Курманжан датка өзүнүн түздөн түз милдеттерин аткарууга жетишкенден башка, жолдошунун милдеттерин да аркалай алганы суктандырат. Кичине кезинен бери кудалашып,

кийин баш кошкон адамдан өз каалоосу менен атасынын үйүнө кайтып кеткени бир нече жазылбаган мыйзамды бузган эле. Бирок күчтүүлүгүнөн түзүлгөн абалдан чыгып, доорунун мыкты адамдарынын курамына кире алган.

Саясий максатты көздөгөн династиялык никелер дайыма эле өз максаттарына жете берген эмес. Ошентсе да, жакшы үмүткө жетеленген саясий ишмерлер, мамлекет башчылары, тарыхый өнүгүүнүн кийинки доорлорунда да династиялык никелерди түзүүнү уланта беришкен. Жалпылап айтканда, Кокон башчылары да, көчмөн элдери да абалды согушка жеткирбөөгө аракет кылышкан. Ошондуктан саясий нике сыяктуу ар түрдү дипломатиялык ыкмаларды өздөштүрүшкөн. Ал эми айымдар кээ бир учурларда мамлекеттер, уруулар арасындагы байланышты бекемдөөдө саясий бир курал болгондору абдан өкүнүчтүү, ошондуктан алардын коомдук орчун салымдарын эскертпей туруп Кокон хандыгынын маданий жана социалдык турмушун калыс чагылдыра албайбыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Алибеков А. Домашняя жизнь последнего Кокандского хана Кудаяр хана // Ежегодник Ферганской области. – Новый Маргелан, 1903
2. Алымбаев Ж. Бийликти легитимдештирүүдөгү тек «мифологиясынын» ролу (Кокон хандыгынын тарыхынын мисалындагы тарыхый-салыштырма анализ), 2016
3. Алымбаев Ж. Кокон хандыгы жана Нүзүп миңбашы, Б.: Турар, 2015 – 240 б.
4. Бабаджанов Б.М. Кокандское ханство: власть, политика, религия.- Токио-Ташкент, 2010
5. Сапаралиев Д. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVI до середины XIX века, - Б., 1995
6. Смадияров С. Династиялык (саясий) никелер жана алардын мамлекеттер аралык мамиледеги ролу (орто кылымдардагы түркий мамлекеттердин мисалында), 2016.
7. Түлөбаев Зарлык ата, Тоголок Молдо санжыралары // автордун талаа дептери

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 59-64

**УДК: 947.23: 94(47): 321.7**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_9

# XIX К. АЯГЫ - XX К. БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНА КОЛОНИЯЛДЫК САЯСАТТЫН ТААСИРИ (КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)

ВЛИЯНИЕ КОЛОНИАЛЬНОЙ ПОЛИТИКИ НА СИСТЕМУ УПРАВЛЕНИЯ КИРГИЗСТАНА В КОНЦЕ XIX - НАЧАЛЕ XX ВЕКА (НА ПРИМЕРЕ ЮЖНЫХ РЕГИОНОВ КИРГИЗСТАНА

THE IMPACT OF COLONIAL POLICY ON THE GOVERNANCE SYSTEM OF KYRGYZSTAN IN THE LATE 19TH - EARLY 20TH CENTURY (THE CASE OF SOUTHERN KYRGYZSTAN)

**Арстанов Сабыркул Абдиманапович**
*Арстанов Сабыркул Абдиманапович*
*Arstanov Sabyrkul Abdimanapovich*

***т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети***
*к.и..н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr. Professor, Osh State University*
sarstanov@oshsu.kg

---

**Омурбеков Маратбек Мавлянович**
*Омурбеков Маратбек Мавлянович*
*Omurbekov Maratbek Mavlyanovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*masters student, Osh State University*

# XIX К. АЯГЫ - XX К. БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНА КОЛОНИЯЛДЫК САЯСАТТЫН ТААСИРИ (КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНҮН МИСАЛЫНДА)

**Аннотация**

Макалада XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында Кыргызстандын түштүгүндөгү башкаруу системасынын өзгөрүшү жана Россия империясынын колониялык саясатынын таасири изилденет. Россия империясы Кыргызстандын түштүк аймактарын өзүнө кошуп алган мезгилде, жергиликтүү башкаруу структураларынын өзгөрүшү, социалдык жана экономикалык шарттардагы өзгөрүүлөр, ошондой эле жергиликтүү элдин реакциясы талданып, башкаруу системасынын жаңы түзүлүштөрү сүрөттөлөт. Мындай өзгөрүүлөрдүн негизги себептери жана натыйжалары талданып, Кыргызстандын тарыхындагы маанилүү мезгилдерге көңүл бурулат.

***Ачкыч сөздөр*:** Кыргызстан, түштүк, башкаруу системасы, Россия империясы, колониялык саясат, башкаруу структуралары, социалдык өзгөрүүлөр, жергиликтүү элдин реакциясы

***Влияние колониальной политики на систему управления киргизстана в конце xix - начале xx века (на примере южных регионов киргизстана***

**Аннотация**

В статье рассматривается изменение системы управления в южных регионах Киргизстана в конце XIX - начале XX века под воздействием колониальной политики Российской империи. Исследуется влияние российского вмешательства на местные административные структуры, социально-экономические изменения, а также реакция местного населения. Особое внимание уделяется изменениям в управлении, вызванным российской колониальной политикой, и анализируются последствия этого для развития региона и его населения.

***Ключевые слова:*** Кыргызстан, южные регионы, система управления, Российская империя, колониальная политика, административные структуры, социальные изменения, реакция местного населения

***The impact of colonial policy on the governance system of kyrgyzstan in the late 19th - early 20th century (the case of southern kyrgyzstan***

***Abstract***

This article examines the changes in the governance system of Southern Kyrgyzstan at the end of the 19th and the beginning of the 20th century under the influence of the colonial policy of the Russian Empire. It explores the impact of Russian intervention on local administrative structures, social and economic changes, as well as the response of the local population. The article focuses on the transformations in governance prompted by Russian colonial policies and analyzes their consequences for the development of the region and its people.

***Keywords:*** Kyrgyzstan, southern regions, governance system, Russian Empire, colonial policy, administrative structures, social changes, local population's response

**Киришүү.** Кыргызстандын тарыхында XIX кылымдын аягы менен XX кылымдын башы өзгөчө мааниге ээ. Бул мезгилде Кыргызстандын, анын ичинде түштүк аймактарында башкаруунун жаңы формалары калыптанып, жергиликтүү салттык башкаруу структураларынын өзгөрүшү ишке ашты. Кыргызстандын түштүгүнүн административдик жана саясий түзүлүшү Россия империясынын саясатына, аскердик аракеттерине ылайык жаңыланып, жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык абалына таасир этти.

**Негизги бөлүк.** Кыргызстан аймагын Орусия империясына баш ийдирүү процесси 1855-жылдын 17-январында башталган. Бул күнү Ысык-Көлдүк кыргыздардын өкүлү Орусияга кошулуу боюнча расмий түрдө антын бергени белгилүү. Баш ийүү процесси 1892-жылдын апрелинде «Памир маселеси» боюнча Өзгөчө кеңештин чечими менен аяктаган. Бул чечим Памир аймагын жана аны жердеген кыргыздардын Орусиянын карамагына кабыл алууну тастыктаган болчу.

Жаңы басып алынган аймактарда өз позицияларын бекемдеп жаткан падышалык бийлик бул жерлерде жалпы Орусияга мүнөздүү болгон административдик башкаруу системасын орноткон. Падышалык администрациянын өзгөчөлүгү – анын аскердик, саясий, соттук жана административдик ыйгарым укуктарынын айкалышуусу эле. Бул администрациянын жазалоочу функциялары колониалдык саясатты ишке ашыруу милдеттери менен тыгыз байланышкан. Алгач административдик башкаруу системасы Кыргызстанда жаңы аймактарды басып алуу улантылып жаткан шартта түзүлүп, туземдик (жергиликтүү) эл өкүлдөрүнүн позицияларынын акырындап алсызданышына жана колонизаторлордун бийлигинин күчөшүнө багытталган.

Маселен, Орусиянын тышкы иштер министри князь А.М.Горчаков 1864-жылы эле “Орусиянын саясаты жерлерди ченемсиз багындыра берүү эмес, багынган жерлерде биротоло орус амирлигин орнотуп, ал жерлердин келечегине кам көрүү”, -деп жазган. Бул жерде Орусиянын Орто Азияда бекем үстөмдүгүнө жетишүү боюнча чылбырды алыс таштаган перспективдүү стратегиялык план чагылдырылып жатат.

Профессор Ж.Алымбаев Россия империясынын Түркстан крайына карата жасаган басып алуучулук жана колониалдык саясатын 3 этапка [1] бөлүп кароону сунуштайт: 1) XIX к. 50-60 жж. экономикалык жана стратегиялык чалгындоо мезгили. 2) XIX к. 60-80-жж. Орто Азиянын аймагын каратып алуу, хандык, жергиликтүү салттык бийлик механизмдерин жоюу жана жаңы (колониалдык) бийликтин системасынын калыптаныш мезгили. 3) XIX к. 80-90-жж. колониалдык башкаруу системасынын масштабдуу кеңейиши жана башкаруу чөйрөсүндөгү “русификатордук” тенденциянын күчөшү. Окумуштуунун бул пикирин колдоого болот.

Россия империясы өзүнүн башкаруу системасын күчтөндүрүү үчүн, аймакка аскердик күчтөрдү жайгаштырып, жаңы административдик түзүлүштөрдү киргизүүнү баштаган. 1867-жылдан баштап туруктуу административдик бөлүштүрүүдө жашаган Кыргызстандын түндүк аймактарынан кийин түштүк жагында 1876-жылдан баштап административдик реформа жүрүп, ал 1886-жылы Түркстан крайын башкаруу Жобосу биротоло бекигенден кийин аяктаган. Натыйжада азыркы Кыргызстандын тигил же бул түштүк аймактары Фергана облусунун 5 уездинин ар бирине кирип калган [2, 377-398].

Мисалы, Наманган уездине (борбору Наманган шаары) Нарын дарясынын оң жээгинде жайгашкан азыркы Аксы, Ала-Бука жана Чаткал райондорунун аймактары, ошондой эле Кетмен-Төбө өрөөнү караган. Анжиян уездине (борбору Анжиян шаары) мурунку Эки-Суу-Арасындагы кыргыз жерлери, тагыраак айтканда азыркы Ноокен, Базар-Коргон, Сузак, Өзгөн, КараКулжа райондору баш ийген. Маргалан уездине болсо азыркы Баткен облусунун Баткен районунун айрым жерлери, азыркы Ош облусунун Ноокат районунун батыш өңүрү караган. Кокон уездинин курамында Ош облусунун Чоң-Алай, Баткен облусунун Кадамжай райондорунун аймактары, Баткен районунун айрым жерлери, каратегиндик кыргыздар турган. Азыркы Кыргызстандын чөлкөмүнө бир гана Фергана облусунун Ош уезди бүтүндөй кирген. Ал уезддин курамында азыркы Кара-Суу, Алай, Араван райондору, Оштун тегереги, Өзгөн районунун Куршаб бөлүгү, Ноокат районунун чыгыш тарабында жайгашкан басымдуу бөлүгү турган.

Аталган уезддер борбору азыркы Өзбекстандын Фергана (ошол кездеги Маргалан, кийинчерээк Скобелев) шаарында жайгашкан Фергана облусун түзгөн. Лейлек жана Сүлүктү чөлкөмдөрү 1887-жылы Зеравшан округунун базасында түзүлгөн Самаркан облусунун Ходжент уездине курамына карап калган Отор бийликтери Түркстан аймагын административдик бөлүштүрүүдө жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын, экономикалык, этникалык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эсепке алган эмес. Кыргыздар ээлеген аймактардын ар кайсы облустардын курамына кирип калышы кыргыз урууларынын өз ара карым-катнашын кыйындатып, ынтымагынын чыңдалышына, улуттук аң-сезиминин, ой мүдөө-тилектеринин өсүп-өнүгүшүнө кедерги болгон.

Түркстан крайында жергиликтүү башкаруу системасынын кириши бир катар өзгөчөлүккө ээ. Анткени, Орусиянын борбордук аймактарына караганда Түркстан крайындагы жергиликтүү башкаруу системасы, “аскерий-элдик башкаруу” деген аталышта алгач Кавказда, андан кийин Түркстанда тажрыйбага ээ болгон. Анын ички мазмунунда 3 белги жатат [2, 377-398]:

1. Жергиликтүү “тузем” калкы Орусия империясынын мыйзамдары менен эмес, өздөрүнүн “элдик адаттары жана атайын чечимдери” менен жашайт;

2. “Туземдик” калктын сотун шариат, адат эрежелери менен иштеген “жергиликтүү эл соту” түзөт;

3. Ар бир орус администрациялык башкаруучу бир эле учурда өзү башкарган округда, бөлүмдө же облуста аскер командачысы да болуп саналат.

Кыргызстандын түштүгүндөгү башкаруу системасында көчмөндөрдүн жана отурукташкан калктардын ролу өзүнчө каралышы керек. 1867-жылкы Убактылуу Жободо Түркстандын көчмөн жана отурукташкан калкын башкаруу бирдей тартипте жүргүзүлөт деп жарыяланган. Иш жүзүндө көчмөн жана отурукташкан калкты башкарууда бир катар айырмачылыктар болгон. Ал эми шаарларда орус башкаруусунун түзүлүшү менен, аскердик жана цивилдик башкаруу элементтери айкалышты. Мындай көрүнүш жергиликтүү элдер менен орус бийлигинин ортосундагы мамилелерде көбүнчө тирешүү жана чыр-чатактарга жол ачты.

Орус падышачылыгы аймакты башкарууда жергиликтүү чыккан адамдарды, көбүнчө бай-манап чөйрөсүнөн чыккан адамдарды төмөнкү тепкичтерге коюп, ошол эле учурда

негизги башкаруу рычагдарын уезддерде, облустарда жана аймакта (губернаторлукта) Аскер министрлигинин өкүлдөрүнүн колуна топтогон.

Ошентип, орус падышачылыгынын Кыргызстандагы административдик реформалары эки тараптуу максатты көздөгөн. Биринчиден, алар ири жергиликтүү башчылардын – манаптардын жана бийлердин позицияларын акырындап алсыратууга багытталган. Бул алардын мураскердик бийлигинен ажыратуу жана алардын иш-аракеттерин катуу мыйзамдар менен чектөө аркылуу ишке ашкан.

Мисалы, мындай өзгөртүүлөрдүн максаттарын аныктап жатып, Түркстан генерал-губернатору К.П. Кауфман 1881-жылы мындай деп жазган: «Кыргыз калкынын коомдук түзүлүшүндөгү туруктуу бөлүнүүлөр, анда азыркыга чейин султандардын (кыргыз-казактарда), манаптардын (кара кыргыздарда) жана башка «ак сөөктөрдүн» орду өтө күчтүү болгон, жаңы башкаруу аркылуу киргизилген шайлоо башталышы менен олуттуу түрдө солкулдатылды» [7]. Ошондой эле ал ачык белгилеп кеткен: «Жергиликтүү кызмат адамдарынын тандалышына байланыштуу, мен орус бийликтери айрым адамдарды али жакшы таанныбаган алгачкы убакта гана шайлоо принцибин катуу сактоо мүмкүн деп эсептейм» [6].

Орус жергиликтүү администрациясынын «элдик» деп аталган төмөнкү бийлик түзүмүнүн жасаган туура эмес иштери калктын наарazылыгын пайда кылган. Мындай фактылар көбүнчө жаап-жашырылчу, ал эми ачыкка чыккандары колониалдык чиновниктердин ыплас иштерге аралашып калганынан улам жеткиликтүү деңгээлде жазаланган эмес. Болуштар, старчындар, аксакалдар өздөрүнүн кызмат абалын пайда алып келүүчү, баюуга шарт түзүүчү орун катары карап, капчыгын толтурууга аракеттенишкен. Бул жөнүндө Пишпек уезди Г. Загряжский: «Мурда уруу башчылары элди күчүнө таянып тоносо, эми соттун өкүмүн, орус мыйзамдарын пайдаланып тоноого өттү», деп жазган [2, 377-398].

Бул маселелер 1898-жылдагы “Анжиан көтөрүлүшү” деп аталган баш көтөрүүдө ачык көрүнгөн. Аталган окуя 1898-жылдын 17-майында болгон. Бирок көтөрүлүшчүлөрдүн кыялы орундалган жок. Падышалык бийлик тарабынан көтөрүлүш катуу басылып, таркатылган. Көтөрүлүшчүлөрдүн курамы көп улуттуу болгон. Бул тууралуу соттолгондордун улуттук курамы далилдеп турат: кыргыздар - 257 (жалпы соттолгондордун жарымынан көбү), өзбектер жана сарттар - 112, түрктөр - 20, уйгурлар - 17, кыпчактар - 3, тажиктер - 5, каракалпактар - 1. Жалпысынан 417 адам соттолгон. Соттолгондордун улуттук курамына таянып, бул көтөрүлүштү профессор Т.Кененсариев “Кыргыз-Анжиян көтөрүлүшү” деп атоону сунуштаган [5].

Россия империясынын баскынчылыгына каршы көтөрүлгөн жергиликтүү эл өзүнүн салт-санаасын, диний ишенимдерин жана салттык чарба жүргүзүүсүн сактап калууга тырышты. Бирок орус бийлиги өзүнүн аскердик жана саясий күчүн колдонуп, бул көтөрүлүштөрдү кысымга алды.

**Жыйынтык.** XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында Кыргызстандын түштүгүндөгү башкаруу системасы негизинен колониялык системанын алкагында түзүлүп, бир нече этапты башынан өткөргөн. Россия империясы Кыргызстандын түштүк аймактарын өзүнө кошуп алгандан кийин, анын аймагында жаңы административдик бөлүнүүлөр жана башкаруу формалары орнотулган. Россия империясынын башкаруу системасы

киргизилгенден кийин, жергиликтүү элдердин социалдык жана саясий абалы өзгөрүп, жаңы административдик түзүмдөр киргизилген. Демек, ал убактагы башкаруу системасынын өзгөрүшү Кыргызстандын тарыхында терең из калтырган. Мында негизги башкаруу системасы орус аскерлеринин жана чиновниктеринин колунда болуп, жергиликтүү башкаруу укугу чечкиндүү түрдө чектелди.

**Пайдаланылган адабияттар**


1. Алымбаев Ж.Б. Туркестандагы колониалдык саясат жана фергана өрөөнүндөгү 1916 – жылдагы көтөрүлүштүн башталышы // Sosyal Bilimler Dergisi № 17, 2007
2. Кененсариев Т. Кыргызстандын тарыхы II том (XVII – XIX кылымдар) Бишкек, 2016. 377-398-бб.
3. Кенесариев Т. 1916-жылкы Улууу көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү жана себептери // эл. шилтеме: https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:7891
4. Кененсариев Т. Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX - начала XX вв.-Б., 2009, 288 с.
5. Кененсариев Т., Авазов Э. Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар.-Б., 2002. 164 б.
6. Кибиров М.Н. Переселение илийских уйгур в Семиречье. Алма-Ата, 1951. С.52-53.
7. Сапаралиев Д. Система управления кыргызов в составе Российской империи (1855-1917 гг.) // эл. шилтеме: https://dergipark.org.tr/tr/download/article-file/844374

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 65-70

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_10

# МУРАТАЛЫ АШЫРОВДУН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

## ГОСУДАРСТВЕННАЯ И ПОЛИТИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ МУРАТАЛЫ АШИРОВА

## MURATALY ASHIROV'S STATE AND POLITICAL ACTIVITIES

**Жамгырчиева Гүлина Төлөбаевна**
*Жамгырчиева Гүлина Толобаевна*
*Zhamgyrchieva Gulina Tolobaevna*

**ф.и.д., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*д.ф.н., профессор, Ошский государственный университет*
*Doctor of Philology, Professor, Osh State University*
gulina65@inbox.ru

---

**Стамбеков Самидин**
*Стамбеков Самидин*
*Stambekov Samidin*

**журналист, акын**
*журналист, поэт*
*journalist, poet*
*samidins@mail.ru*

# МУРАТАЛЫ АШЫРОВДУН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Аннотация**

Теманын актуалдуулугу учурдагы кыргыз мамлекетинин түптөлүүсүнө кызмат өтөгөн инсандардын эмгегин ачып көрсөтүүгө кошкон салымында жана буга чейин изилденбей келе жаткан фактыларды белгилөөдө турат. Илимпоздордун көңүлүн бул багыттарга буруу макаланын негизги максаты болуп саналат. Макалада өлкөнүн өнүгүшүнө күрдөөлдүү салымын кошкон өкмөттүк жана коомдук ишмер Мураталы Ашыровдун ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берилип, анын республиканын өнүгүүсүндөгү жасаган эмгеги тарыхый документтердин, архивдик материалдардын негизинде тастыкталды. Макаланын мазмунундагы жаңылыгы катары такталбай, каралбай келе жаткан тарых чындыгына, М.Ашыровдун коомдук жана өкмөттүк ишмердүүлүгүнө айрым баа берүү эсептелинет.

***Ачкыч сөздөр:*** Кара-Кыргыз автономиялуу облусу, Жалал-Абад округдук ревкому, Мураталы Ашыров, Жалал-Абад округдук ревкомитетинин төрагасы, суу чарбасын жана өнөр жайды өнүктүрүүдөгү салымы

***Государственная и политическая деятельность Мураталы Аширова***

**Аннотация**

Актуальность темы заключается во вкладе в раскрытии деятельности личностей, служивших в основании нынешнего Кыргызского государства, и в освещении фактов, которые до сих пор не изучены. Основная цель статьи – привлечь внимание ученых к этим направлениям. В статье описывается деятельность государственного и общественного деятеля Мураталы Ашырова, внесшего значительный вклад в развитие страны, и на основе исторических документов и архивных материалов подтверждена его деятельность в развитии республики. Факт истории предлагается как не выясненный и не учтенный до сих пор материал и определяет новизну статьи, также дана определенная оценка общественной и государственной деятельности М.Ашырова.

***Ключевые слова:*** Кара-Кыргызская автономная область, Жалал-Абадский окружной ревком, Мураталы Аширов, председатель Жалал-Абадского окружного ревкома, вклад в развитие водного хозяйства и промышленности

***Murataly Ashirov's state and political activities***

**Abstract**

The relevance of the topic lies in its contribution to revealing the activities of individuals who served in the founding of the current Kyrgyz state, and in highlighting facts that have not yet been studied. The main purpose of the article is to attract the attention of scientists to these areas. The article describes the activities of the political leader and public figure Murataly Ashyrov, who made a significant contribution to the development of the country, and based on historical documents and archival materials, his activities in the development of the republic are confirmed. The fact of history is proposed as material that has not been clarified and not yet taken into account and determines the novelty of the article; a certain assessment of the social and state activities of M. Ashyrov is also given.

***Keywords:*** Kara-Kyrgyz Autonomous Region, Jalal-Abad District Revolutionary Committee, Murataly Ashyrov, chairman of the Jalal-Abad Revolutionary Committee, his contribution to the development of water management and industry in the region

**Киришүү.** Азыркы кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө, анын ичинде Жалал-Абад облусун калыптандырууга салым кошкон, бирок кийин кандуу репрессияга туш болуп, бейкүнөө жазага тартылып, жалган жалаанын курмандыгы болгон адамдардын катарында Токтогул районунан чыккан, агартуучу, коомдук ишмер, Жалал-Абад областынын (ал кезде Жалал-Абад округу) алгачкы жетекчиси Мураталы Ашыровдун (Ашуров) ысымы алгачкылардан болуп аталууга тийиш. Анын улутубуз үчүн жасаган эмгегин, мамлекетибизди калыптандырууга кошкон салымын, өмүр жолун изилдөө тарыхыбыз үчүн актуалдуу маселелерден болуп саналат.

**Негизги бөлүк.** Мураталы Ашыров 1891-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндө төрөлгөн. Атасы Ашыр жакыр үй-бүлөдөн чыккан, айтылуу Керимбай болуштун атасы Атакандын жылкысын баккан. Мураталы жаш кезинен эле арабча жана орусча билим алган, эр жеткен мезгилде өзү да айылдагы балдарды окуткан. 1916-жылы Падышачылык Россия Орто Азия элдеринин өкүлдөрүн тылда иштөө үчүн кызматка чакырганда, М.Ашыров да кошо чакырылып, орусча сүйлөй да, жаза да билгендигинен улам Кетмен-Төбөдөн чакырылгандардын жетекчиси (миң башысы) болуп дайындалган. Тылда иштөөгө чакырылгандар Россияга барышып, 1917-жылы революциядан кийин бошотулушкан. М.Ашыров алардын уюшкандыкта мекенине кайтуусуна өз салымын кошкон. Бул боюнча М.Ашыровдун мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн изилдөөгө көп жылдардан бери чоң салым кошуп келе жаткан анын урпагы, коомдук ишмер Эрлан Жамгырчиевдин маалыматтарында белгиленет.

Кыргызстандын аймагында совет бийлиги орнотулуп жаткан мезгилде М.Ашыров 1919-жылдан совет бийлиги менен кызматташып, 1920-жылдан Кетмен-Төбө ревкомунун төрагасы болуп дайындалган жана бир эле мезгилде райондук милиция бөлүмүнүн жетекчисинин милдетин да кошо аткарган. Ал районду жетектеп турган мезгилинде бир тарабы Анжиян уездине, экинчи тарабы Наманган уездине карап турган Кетмен-Төбө өрөөнүнүн элин бир районго бириктирүү боюнча көп аракет кылып, акыры бул максатын ишке ашырган. Кийинки жылдары М.Ашыров түрдүү кызматтарда эмгектенген.

1924-жылы Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик түзүлүшү боюнча маселе чечилип, 14-октябрда Кара-Кыргыз Автономиялуу облусу түзүлөт. 1924-жылы 16-декабрда РКП(б)нын Кара-Кыргыз обкомунун уюштуруу бюросунун Президиумунун отуруму болуп, Жалал-Абад, Каракол-Нарын. Пишпек жана Ош округдук революциялык комитеттерин түзүү боюнча чечим кабыл алынат. Ошентип Жалал-Абад округдук революциялык комитети 1924-жылы 17-ноябрда түзүлгөн. М.Ашыров 1924-жылы Ошто “Кошчу” бирикмесинин төрагасы болуп турган жеринен жаңы түзүлгөн Жалал-Абад округдук комитетинин төрагасы болуп дайындалган. Бул факты аталган комитеттин төрагасы болуп жаңыдан дайындалган М.Ашыровдун 1924-жылдын 17-ноябрдагы №1 буйругу менен ырасталат. Мында, “ушул күндөн баштап, Жалал-Абад округдук революциялык комитетинин төрагасынын милдетин аткарууга кириштим, орун басарлыкка Цветковду, жооптуу катчылыкка Жоламановду дайындайм”, - деген буйрук чыгарган. [1]. Буйрук орус тилинде чыккан, буйрук китептин (Книга приказов) барагы экиге бөлүнүп сол тарабына буйрук орус тилинде жазылса, оң тарабына ошол эле буйрук кыргыз тилинде, араб ариби менен көчүрүлүп жазылган. Бирок буйрук китепчесинде бара-бара кыргыз тилиндеги араб арибиндеги көчүрмө азайып олтуруп, акырында таптакыр эле жазылбай калган. Бул, кыязы, араб ариби менен кыргызча жаза билген адистердин (мындайлар көбүнчө татар улутундагы жарандар болушуптур)

аздыгынан, же кагаз иштерин азайтуу максатында, же бир эле буйрукту эки тилде жазууга зарылчылыктын болбогонунан улам болушу мүмкүн.

Жалал-Абад шаарында революциялык комитет (ревком) 1918-жылы уюштурулуп, басмачылык жана ак гвардиялык күчтөрдүн (К. Монстров, Мадамин бек) таасири менен 1919-1921-жылдарда жоюлуп калган болчу. 1921-жылы ревком кайрадан уюштурулуп, 1924-жылга чейин иштеген.

1924-жылы жаңыдан түзүлгөн Жалал-Абад округуна Жалал-Абад шаары, мурунку Фергана облусунун Анжиян уездинен: Айым, Базар-Коргон, Масы, Ноокен, Чаңгет, Каракол – Сары-Суу, Кең-Кол – Кара-Кыр, Майлы-Сай болуштуктары, мурунку Наманган уездинен Арым, Кызыл-Жар, Кыркуул, Саруу, Суусамыр, Чаткал, Багыш, Баястан, Куттук-Сейит болуштуктары бириктирилген [2].

1925-жылдын 21-мартынан Жалал-Абад округдук ревкому өз ишин токтоткон. Анын ордуна Жалал-Абад округдук аткаруу комитети түзүлгөн, бул боюнча Жалал-Абад округдук комитетинин №36 буйругу чыгарылган. Округдук аткаруу комитетинин курамы 15 кишиден турган, анын ичинен жетөөсү президиумдун мүчөсү болгон. М.Ашыров аткаруу комитетинин төрагасы кызматында өз ишмердигин уланткан. Ошондо Төрөкул Айтматов Жалал-Абадга М.Ашыровдун орун басары болуп Ысык-Көлдөн которулган. Жалал-Абад округдук аткаруу комитетинин курамына 9 болуштук кирген: Жалал-Абад, Көгарт, Базар-Коргон, Айым (азыр Өзбекстандын курамында, Коргон-Төбө, Жерге-Тал райондору), Майкент, Кызыл-Жар, Кетмен-Төбө, Чанач Чаткал. Ар бир болуштук сельсоветтерге бөлүштүрүлгөн, мисалы, Чаткал болуштугунда Төрө-Тал, Айгыр-Жал, Терс сельсоветтери түзүлгөн [4].

Мураталы Ашыров төрага болуп турган 1924-26-жылдар аралыгында Жалал-абад огругнда жасалган иштерге кайрыла турган болсок, саясий иштерден: 1925-жылы, 10-13-мартта РКП(б)нын Жалал-Абад округдук 1-конференциясы өткөрүлгөн. Андан тышкары коммунисттик партиянын, комсомолдун, профсоюздардын, аялдардын курултайлары, конференциялары уюштурулган. Ал эми социалдык-экономикалык тармактарда, 1925-жылдын май айынан тарта Жалал-Абадда телефон линиясы иштей баштаган. 1926-жылдын сентябрь айынан баштап, Жалал-Абад педтехникуму (кийин Жалал-Абад педагогикалык окуу жайы) ачылган. Жалал-Абад шаарында кубаттуулугу 25 кВт келген дизелдик электр станциясынын, кийим тигүүчү, нан бышыруучу артелдердин, кыш бышыруучу заводдун курулуштары башталып, айрымдары ишке берилген. Мындай дизелдик электр станциялар Таш-Көмүрдө, Чаңгыр-Ташта, Майлы-Сууда, Сакалды айылында курулган. Жалал-Абад шаарында шоссе жол, жети жылдык мектептин (Семилетка) имараты курулган, шаарды жашылдандыруу боюнча көптөгөн иштер аткарылган [3]. Округда сабатсыздыкты жоюу мектептери (“Кызыл үйлөр”, “Кызыл чайканалар”, ликбездер) уюштурулуп, улам көбөйүп олтурган.

Жогоруда биз сөз кылган буйрук китептеги жазуулар 1924-жылы 17-декабрда башталып, 1925-жылы 26-февралда атайын каттоого алынган, 1926-жылдын 6-декабрында аяктаган. Буйрук китеп мына ушул эки жылдык мезгилдин ичиндеги Жалал-Абад округдук ревкомунун жана Жалал-Абад округдук аткаруу комитетинин ишмердигине байланышкан буйруктарды (төрага М. Ашыров чыгарган жана өзү кол койгон буйруктарды деп билиңиз. Г.Ж.) өз ичине алат. Буйруктарды анализдесек, мазмуну өтө эле ар түрдүү, мисалы, анда

кайсы бир имараттарды ремонттоо үчүн каражат бөлүү, айыл чарба артелдерине үрөн, соко, шаймандарды үлөштүрүп берүү, командировкаларга жөнөтүү, областтык деңгээлдеги кайсы бир кызматтардын жетекчилерин дайындоо, же бошотуу сыяктуу иштер камтылган. Канткен менен бул буйруктардын ошол мезгилдеги областтагы экономикалык абалды, элдин турмушунун ар түрдүү жагдайларын, саясий абалды баамдап билүүгө болот.

Жалал-Абад областык архивинин колго тийген мына ушул материалдарынан эле областтын алгачкы жетекчиси Мураталы Ашыровдун элдин экономикалык жагдайын жакшыртуу, жаңы мамлекеттик түзүлүштү бутуна тургузуу, мамлекеттик, өндүрүштүк, өнөр жай, чарбалык, социалдык маселелерди чечүү боюнча тыным билбеген аракеттерин, эл турмушун жакшыртуу үчүн тыным билбей кызмат кылганын көрүүгө болот. Мындай иштерди уюштуруу канчалык кыйын болгонун баамдоо үчүн анын Аксы, Кетмен-Төбө аймагындагы акыбалды жеринен көрүп келүү үчүн он күндөп атчан жүргөнүн, жаңы, коллективдүүлүккө негизделген чарбаларды уюштурууга элди көндүрүү кандай кыйынчылыктар менен коштолгонун, уюшулган артелдерде айыл чарба шаймандарын ташып жеткирүү канчалык машакаттуу болгонун белгилесек болот.

М. Ашыров округдун жетекчилик кызматынан кайсы бир кемчилиги үчүн эмес, округдук аткаруу комитети жоюлгандыгына байланыштуу бошотулган, анткени, 1926-жылы 6-декабрда Жалал-Абад кантондук совети (толук аталышы: Жумушчу, дыйкан жана кызыл аскер депутаттарынын жана анын аткаруу комитетинин Жалал-Абад кантондук совети) уюштурулуп, төрагасы болуп М. Ботбаев дайындалган болчу. Ал эми кантондук аткаруу комитетинин жооптуу катчысы болуп Колчин, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп Неплыгин, билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп Мулладжанов, финансы бөлүмүнүн башчысы болуп Ганюшкин жана жер бөлүмүнүн (кантземотдел) башчысы болуп Капановдор дайындалышкан.

Жогорудагы фактылар Кыргыз Республкикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин №5, №40, №20 фонддорунан алынган материалдардан [3], Жалал-Абад облустук архивиндеги [4] жана Жалалабад облусунун энциклопедиясындагы [2] маалыматтар менен тасыкталды. Ошондой эле Жалал-Абад областтык архивинин өздүк материалдары да пайдаланылды, бул жерде М. Ашыровдун Жалал-Абад округдук ревкомунун жана кийин Жалал-Абад округдук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген мезгилиндеги (1924-жыл декабрь, 1926-жыл декабрь) чыгарган буйруктарынын китеби (книга приказов) сакталып турат [1]. Эскерте кетсек, архивдик материалдарда Мураталы Ашыровдун аты түрдүүчө жазылып жүрөт: Мурат Али Ашуров, Муратали Аширов ж.б.

Мураталы Ашыров 1934-жылы Кетмен-Төбө районундагы Ленин колхозунун төрагасынын орун басары болуп иштеп турган учурунда, айтылуу “Атакан болуштун жигити болгон” деген жалган жалаа менен түрмөгө кесилип кеткен. Анын өзүнүн эч бир айыпсыз камалганын көрсөтүп СССР Аскердик советинин төрагасы Ворошиловго жазган каты архивде сакталып калган. Бирок М.Ашыров акыйкаттыкка жетпей, түрмөдө каза болгон. Коомдук ишмер Э.Т. Жамгырчиев 2024-жылы, сентябрда “Ала-Тоо–24” телеканалынан Мураталы Ашыровдун мамлекеттик ишмердүүлүгү туурасында берген маегинде бул жөнүндө маалымат берген. Ошондой эле, Токтогул райондук мамлекеттик администрациясыны башчысынын биринчи орун басары Н.К. Кудайбергенов “Кыргыз

туусу” газетасынын журналисти В. Беделбек менен маегинде Мураталы Ашыровдун патриот инсан катары мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнө токтолуп кеткен.

**Жыйынтык.** Учурдагы Кыргыз Республикасынын калыптанышы, деги эле кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жашоосу көптөгөн кылымдарды, доорлорду камтыйт. Анын ичинде XX кылымдын биринчи жарымындагы тарыхы өзгөчө ургаалдуу окуяларга бай. Мында кыргыз элинин Мураталы Ашыров сыяктуу мыкты уулдарынын эл турмушунун бурулуш учурларында жасаган ишмердүүлүктөрү изилденүүсү абзел. Улам кийинки жаш муундар бул маалыматтарды, эл тарыхын тактап билүүгө милдеттүү. Ошондо гана мамлекетибиз бекем болуп алдыга өнүгө берет.

**Колдонулган адабияттар жана булактар**


1. Книга приказов (Мураталы Ашыров Жалал-Абад округдук ревкомунун жана Жалал-Абад округдук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген мезгилиндеги (1924-жыл, декабрдан 1926-жыл декабрга чейин) чыгарган буйруктарынын китеби). Жалал-Абад областтык архиви: Фонд 110, опись 9, дело №3
2. Жалалабад облусу. Энциклопедия. Башкы ред. Ү. Асанов. – Бишкек, 2003. 73-77-бб.
3. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви: № 5, № 40, № 20 фонддорунун материалдары.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 71-76

**УДК: 94(931) (051)**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_11

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ ЖАНА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА МЫРЗАКУЛ БОЛУШТУН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АГАРТУУ ТАРМАГЫНА КОШКОН САЛЫМЫ

## ВКЛАД МЫРЗАКУЛА БОЛУША В ОБРАЗОВАНИЕ КЫРГЫЗОВ ВО ВТОРОЙ ПОЛОВИНЕ XIX И В НАЧАЛЕ XX ВЕКА

## THE CONTRIBUTION OF MYRZAKUL BOLUSH TO THE EDUCATION OF THE KYRGYZ IN THE SECOND HALF OF THE XIX TH - EARLY XX TH CENTURIES.

**Султанова Махпуратхон Шакировна**
*Султанова Махпуратхон Шакировна*
*Sultanova Mahpurathon Shakirovna*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr. Professor, Osh State University*
Sultanova160964@gmail.com

---

**Ли Хен Унг**
*Ли Хен Унг*
*Lee Hyun-ung*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*masters student, Osh State University*

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ ЖАНА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА МЫРЗАКУЛ БОЛУШТУН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АГАРТУУ ТАРМАГЫНА КОШКОН САЛЫМЫ

**Аннотация**

Бул макалада XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башында жашаган Мырзакул болуштун агартуучулукка кошкон салымы жана анын коомдук ишмердүүлүгү жөнүндө айтылат. Мырзакул болуш колониялык доордо Фергана чөлкөмүндө “усул-и-жадид” мектептери жайылтылган мезгилде Андижан, Коргон-Төбө, Жалал-абад шаарларында медреселерди ачып, калктын билимдүү болуусуна кошкон салымы иликтөөгө алынды. Ошондой эле анын Жалал-Абад курортундагы Азрети-Аюп минералдык суу чыгуучу булактын көзүн ачып, элдин пайдалануусуна шарт түзгөн инсан болгондугу жөнүндө баяндалат.

***Ачкыч сөздөр:*** Кокон хандыгы, колониалдык доор, кыргыздар, Коргон-Төбө, Жалал-Абад, Мырзакул болуш, агартуучулук, медресе, “усул-и кадим”, “усул-и-жадид”

***Вклад Мырзакул болуша в образование кыргызов во второй половине xix и в начале xx века***

**Аннотация**

В статье рассматривается вклад Мырзакул-булуша в развитие образования и его общественная деятельность в конце XIX - начале XX века. В период распространения школ "усул-и-жадид" в Ферганской долине во времена колониального правления, Мырзакул-булуш открыл медресе в городах Андижан, Коргон-Төбе и Жалал-Абад, способствуя повышению уровня образования среди населения. Также рассматривается его деятельность по открытию источника минеральной воды Азрети-Аюп в курортной зоне Жалал-Абад, что создало условия для пользования водой местным населением.

***Ключевые слова:*** Коконское ханство, колониальная эпоха, кыргызы, Коргон-Тюбе, Джалал-Абад, Мырзакул болуш, образование, медресе, «усул-и кадим», «усул- и- джадид»

***The contribution of Myrzakul bolush to the education of the kyrgyz in the second half of the xix th - early xx th centuries***

**Abstract**

This article discusses the contribution of Myrzakul bolush to the development of education and his public activities in the late 19th and early 20th centuries. During the colonial period, when "usul-i-jadid" schools were spreading in the Fergana region, Myrzakul bolush opened madrasahs in the cities of Andijan, Korgon-Tobe, and Jalal-Abad, contributing to the education of the local population. The article also highlights his role in opening the Azreti-Ayup mineral water spring in the Jalal-Abad resort area, creating conditions for the local population to benefit from this resource.

***Keywords:*** Kokand Khanate, colonial epoch, Kyrgyz, Kurgan Tepa, Jalal Abad, Myrsakul governer (bolush), enlightenment, medrese, “method traditions”, method of jaded”

Кыргызстан көз карандысыз мамлекетке ээ болгондон баштап элибиздин тарыхын кенен изилдөөгө жол ачылды. Өзгөчө Кыргызстандын тарыхнаамасында инсантаануу маселеси жаралып, бул жаңы багытта бир топ алгылыктуу эмгектер жаралды. Кыргыз элинин мыкты инсандарынын ишмердиги, алардын тарыхындагы ролу туурасындагы изилдөөлөр актуалдуу маселелердин бирине айланды. Өз доорунун алдыңкы инсандарынын катарында турган Мырзакул болуштун өз доорунун көрүнүктүү ишмери жана агартуу иштерине кошкон салымына жаңы көз караште баа берүү учурдун талабына айланып олтурат.

Диний жогорку окуу жай деп эсептелген медреселердин алгачкылары Фергана өрөөнүндө XIV кылымда Амир Тимурдун мезгилинде негизделген. Медреселерди куруу айрыкча Кокон хандыгынын тушунда кеңири кулач жайа баштаган. Мсален, Нарбото бий Кокон шаарындагы "Мир" медресесин ачкан. Омор хан Кокон шаарында "Джами" медресесин, Мадали хан эки медресе Кокон шаарында жана Маргалан уездинин Кува айылына курдурган. Ал эми Кудаяр хан 3 медресе Кокон шаарында, Маргалан уездинин Ассака айылында жана Наманган уездинин Чуст шаарында медресе курдурганы маалым [8; 9; 10].

Бул медреселердин архитектурасы негизинен окшош болгон. Алар: дарсканадан (ауд), өжүрөдөн, мечиттен, даараткандан, мончодон турган. Медреселердин сырткы көрүнүшү мунаралуу болуп, жергиликтүү архитектуралык чеберчилик менен коздолгон. Медреселер шаарлардын борборлоруна, райондун борборлоруна, базарлардын жанына салынган [6]. Чөлкөмдө бардык медреселерде окууга кабыл алуунун шарттары, андагы окуу программалары, окуу китептери, окутуу усулу негизинен окшош болгон. Медреселерде эки факультет болгон. 1). Масала (иф-фикх) – юридикалык бөлүм; 2). Мушкилият (тарых) – жалпы билим берүүчү бөлүм.

Окуу китептери, окуу усулдук куралдары негизинен Чыгыш өлкөлөрүнөн алып келинген. Мисалы, падыша өкмөтү тарабынан 1882-жылы Фергана өрөөнүндөгү медреселердин адабияттарына жана базарларындагы китеп дүкөндөрүнө каттоо жүргүзгөн учурда Ост-Индиянын (Бомбей), Египеттин (Булак), Стамбулдун, Кабулдун, Казандын басмаканалык, литографиялык ар түрдүү мазмундагы (грамматика, аскер иштери боюнча, тарых, медицина, лексикология, юриспруденция ж.б.) китептери чыккан. Алардын Кашкардан Хивага чейинки Орто Азиянын медреселеринде арзан баада сатылаары жана кеңири жайылгандыгы аныкталган [11]. Медреседе жергиликтүү авторлор тарабынан жазылган китептер да кеңири колдонулган. Мисалы, Абдул-Хаким молдонун Хашие (Риторика-мантык и логика), Мир Саид Шериф бул китепке комментария жазган. Мулла Жалилдин "Сурахь" деген сөздүк китеби, ал эми философия боюнча Мир Шерифь Мирзажандын "Хикметуль-аин" деген китеби ж.б. [1].

XIX кылымдын II жарымында Фергана чөлкөмүндө билим берүү тармагы көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бул мезгил колониялык доорго туура келгендиктен, мектептин түрлөрү көбөйгөн. Алардын бири "усул-и-жадид" ("жаңы усулдагы мектептер") мектеп, медреселери эле. XIX кылымдын II жарымында Турцияда, Крымда жана Волга боюнда либералдык буржуазиялык панисламизм, пантюркизм диний агымы кеңири таралып, бир канча нукта өнүккөндүгү белгилүү. Бул агымды өз доорунун көрүнүктүү агартуучусу Исмаилбек Гаспиринский жетектеген.

XIX кылымдын II жарымында Фергана чөлкөмүндө “усул-и-жадид” мектептери жайылтылган. Бул агымдын өкүлдөрү эски типтеги мусулмандардын диний мектеп, медреселеринде реформа жүргүзүп, аларды жаңы өнүгүп жаткан улуттук буржуазиянын талабына ылайык жаңылоону, жаштарга жаңыча билим берүүнү, ачылган мектеп, медреселерге шарт түзүп берип, аларды окуу куралдары, окутуучу адистер менен камсыз кылууну, ошондой эле мусулман өлкөлөрүндө бирдиктүү окуу системасын киргизип, “усул-и-жадид” мектептери аркылуу мусулман коомун түзүүнү максат кылышкан. Натыйжада “усул-и-жадид” деп аталган жаңы усулдагы мектептер ачыла баштаган. Бул мектептердин ачылышын, алардын иш аракеттерин Россия падышачылыгы катуу көзөмөлгө алган жана алардын ортосунда тынымсыз күрөш жүрүп турган. “Усул-и-жадид” мектептеринин ачылышын “усул-и-кадим” мектептери да жактырышкан эмес. Анткени, кадимки мусулман мектептеринин окуу программасына светтик предметтердин киргизилгендигин жактырышкан эмес. Бирок, ошого карабастан мындай мектептер XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндө кеңири кулач жайган.

Мына ушундай кырдаалда эл арасында өз заманынын көрүнүктүү келечек ээлери болгон жаш муундардын билим алуусуна шарт түзүп, өз каражаттарына медреселерди салдырган, алысты көрө билген кыраакы инсандар болгон. Алардын катарында биз бүгүн иликтөөгө алган Мырзакул болуш да бар. Ал өзүнүн адамдык жогорку сапаттары менен коомго үлгү болуп, эл арасында кадыр-баркы ээ болгон. Ал жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин калың калкта аңыз сөздөр сакталып келет.

Кош Датка уулу Мурзакул болуш (1875-1936-жж.) Жалал-Абад областынын Сузак району менен чектеш, азыр Өзбекстанга карап калган Чимион айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Кош Датка билимдүү болуп, Кокон хандыгынын ордосунда, анан хандыктын Ташкент шаарындагы акимчилигинде башкаруучу кызматтарда иштеген. Баласына да адептүү тарбия берип, жетиштүү байлык жана мал-мүлк калтырган.

Мурзакул он алты жашка келгенде элүү башы болуп шайланып, ошол эле кезде Ташкенттен Кашкарга чейинки ири базарларда соодагерлик кылып, жаңы жерлерди өздөштүрүп пахта эктире баштаган. Тапкан каражаттарына Анжияндын Ногой мааласинде мечит салат, анын имаратынын кооздугунан улам «Ак мечит» аташып, ага абдан билимдүү Кайымбай деген киши молдолук кылат. Ал мечит архивдик маалыматтарда 1890-жылы каттоого алынган.

Мырзакул болуш 1909-жылы жаз алды менен өзүнүн короо-жайынан медресеге жай ажыратып, курулуш баштаган. Медресенин курулушуна аны куруп жаткандар өзгөчө көңүл буруп, ташын, топурагын адам булгабаган жерден тандап алып, курулушка да беш убак намазын үзбөгөн, дааратсыз жүрбөгөн, адал иштеп, ак кызмат кылгандарды чакырган. Мисалы, Инамжан Кыдыралиев деген киши эсеп-кысабын жүргүзүп турган. Пайдубалына таштар Имам-Ата деген жерден алынып келинген. Топурагын да таза жерден алып жергиликтүү кыш бышыруучулар атайын кумгандарда бышырып, аябай бышык жана көрктүү кылган [4, 114].

Ошол Коргон-Төбөдөгү Мурзакул болуш салган медреседе жамаат айт жана жума намаздарын окуй турган кеңири айбаны, талабалар окуй жана жата турган жыйырма сегиз үжүрөсү болгон. Окуу китептерин, дарс колдонмолорун Бухарадан алдырышкан. Мударистик кызматын Сабирахун молдо, Умарахун молдо деген билимдүү кишилер

жүргүзгөн. Кийин Фергана өрөөнүнө орустар көп келе баштап, орустардын програссивдүү таасири тие баштаганын сезген Мурзакул болуш медресенин жана мечиттин жанына орусча таалим бере турган мектеп курдурган. Коргон-Төбөдөгү ошол медресенин имараты азыр да сакталып калган.

Кийинчерек Мырзакул болуш Жалал-Абад шаарында да медресе салдырган. Ал Жалал-Абад шаарындагы №7 мектептин ордунда болгон. Шаар тургуну Валихан Тажибаевдин айтуусунда медресенин «оймо-чиймелер менен кооздолгон түркүктөрүнө адамдын кулачы жетчү эмес. Түркүктөрдүн үстүндөгү чатырынын алдындагы оймо-чиймеленген жакаларынын бийиктиги бир метрден ашык эле. Бул мечит-медресе согуштан кийин бузулду. Пайдубалы көпкө чейин бузулбай турду. Камкыштарын эл ташып кетип, керегине жаратты» [5].

Мурзакул болуш азыркы Анжиян жана Жалал-Абад областтарына медреселер тармагын куруп гана калбастан, башкалардын да медреселерди негиздешине демилге кылып, аларга жардам берген. Ошондой камкордукка алган адамдарынын бири – Сары ажы Үмөт уулу. Ал киши 1864-жылы азыркы Сузак районунун Беш-Бала айылында туулган. Сөзгө чечен, элге алымдуу бул киши Мурзакул болуш жана Кашкардан чыккан ири соодагер Баабедин менен ынак болот. Анын иш билерлиги жана багбанчылыгы менен Ой-Талаа айлында мырза терек, бака терек, жемиш бактарын өстүрүп, алар токойдой дүркүрөп өсөт. Бул курулуш материалдарын көргөн Мурзакул болуш шаардан 50-60 уста алып келип, алар эки-үч жыл иштеп мечит, медресе, үй, сарай салышат. Муну менен отурукташкан жаңы айыл пайда болуп, ал жерде кыргыз балдарына билим берүү ишин жолго коюуга шарт түзүлгөн.

И. Ишанжанов айтуусунда: «Өзү таза, такыба, чынчыл жана элдик ишке жан күйдүрө билген Мурзакул болуш балдардын билим алышына өтө кызыкдар болгон жана медресе окуучулары менен кошо 400дөн ашык жетим балдарды өз каржылоосуна алган, аларга илим-билим берүүгө эбегейсиз салым кошкон» [3].

Профессор Б.Зулуев Мурзакул болуштун агартуу тармагына кошкон салымын төмөнкүдөй адилеттүү белгилеген: Мурзакул болуш жалаң гана байлардын балдарын, алардан акча алып окутпастан, жетим балдарды да өз каражаты менен окуткан; Талабаларды окутуу үчүн жергиликтүү мударистерди даярдаган; Медреселердин окуу куралдарын илим-билими жогору ичкери шаарлардагы башка ушундай окуу жайларынан алып келген; Медреселерди курууда жергиликтүү материалдарды: таштарды, топуракты, теректерди ж.б. курулуш материалдарды пайдаланып улуттук курулуш жана архитектура тармагынын өсүшүнө да салым кошкон; Талабаларды жана мударистерди эс алдыруу үчүн «Айып-Булак» сыяктуу ден соолукка пайдалуу жерлерди ишке киргизген; Өзү гана медресе ачпай, башка колунда бар кишилердин да медресе ачуусуна жардам берген; Мурзакул болуш бир гана медресе ачпай, медреселер тармагын ачкан, бул болсо мутавалилерди, мударистерди, талабаларды, окуу каражаттарын алмашып колдонууга шарт түзгөн [4, 118].

Мырзакул болуш билим тармагынан тышкары саламаттыкты сактоо тармагына да салым кошконун белгилеп кетсек болот. Жалал-Абад курортунда Азрети-Аюп минералдык суу чыгуучу булактын дарылык касиетин орустар келгенге чейин эле жергиликтүү эл билип, пайдаланып келишкен. Бирок, ага чыгуучу жол бир топ татаал болгон. Мырзакул болуш ал тарапка жол ачып, булактын көзүн ачып, элдин пайдалануусуна шарт түзүп, кала берсе келген кишилер үчүн мечит, чайхана, эс алуучу жайларды жана башка имараттарды

курдурган. Анын аракети менен бул жерде эс алуучу атайын үч бөлмөлүү бышкан кыштан имарат курулган имарат азыр да калк кызматында [2].

**Колдонулган адабияттар жана булактар**


1. Арипов М. Из истории педагогической мысли таджикского народа. Часть 2, Душанбе: “Ирфон”, 1965. 348-б.
2. Буркашев С. Мырзакул болуш. -Ош, 1993. 10-б
3. Зулуев Б.Б. Мырзакул болуш // эл. шилтеме: http://suzak.kg/history_persons
4. Зулуев Б.Б. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында) // пед. ил. доктору даражасы үчүн жазылган диссертация. Ош, 2018. 310-б.
5. Жороев С. Мырзакул болуш // “Кыргыз туусу”, 24. 07. 2012-ж.
6. Керенский Ф.М. Медресе Туркестанского края. СПб. 1882,3-4-бб.
7. Туркестанские ведомости. 7-декабрь, 1882, № 48, 191-бет.
8. ЦГА Респ. Узб. Ф.И.-47, оп.1, д. 328, 42-л.
9. Тайиров, М. М. Кыргызстандын Түштүк-батыш чөлкөмүндөгү Абдыкайым эшендин, молдо Шараптын жана молдо Абдыкадырдын агартуучулук иштери (XIX-кылымдын экинчи жарымы - XX-кылым) / М. М. Тайиров, Н. М. Тайирова, О. М. Мусаев // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – No. 2-4. – P. 86-99. – EDN ROOQNA.
10. Султанова, М. Ш. Алымбек датканын агартуучулукка кошкон салымы / М. Ш. Султанова, У. К. Тилекова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Тарых. – 2024. – No. 1(4). – P. 186-191. – DOI 10.52754/1694867X_2024_1(4)_23. – EDN PRXFPE.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 77-83

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_12

# СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК, САЯСИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУНДАГЫ АЯЛДАРДЫН РОЛУ

# РОЛЬ ЖЕНЩИН В ОБЩЕСТВЕННОЙ, ПОЛИТИЧЕСКОЙ И КУЛЬТУРНОЙ ЖИЗНИ СОВЕТСКОГО КЫРГЫЗСТАНА

# THE ROLE OF WOMEN IN THE SOCIAL, POLITICAL, AND CULTURAL LIFE OF SOVIET KYRGYZSTAN

**Арстанов Сабыркул Абдиманапович**
*Арстанов Сабыркул Абдиманапович*
*Arstanov Sabyrkul Abdimanapovich*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ош мамлекеттик университети*
*Dr. Professor, Osh State University*
sarstanov@oshsu.kg

---

**Алижан кызы Айсана**
*Алижан кызы Айсана*
*Aysana Alizhan kyzy*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*masters student, Osh State University*

# СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК, САЯСИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУНДАГЫ АЯЛДАРДЫН РОЛУ

**Аннотация**

Макалада Советтик Кыргызстандагы аялдардын коомдук, саясий жана маданий турмушка катышуусу каралат. 1917-жылы Октябрь революциясынан кийин социалисттик режим аялдардын укуктарын кеңейтүүгө багытталган саясатты жүргүзгөн. Мындай саясаттын натыйжасында аялдар коомдогу бардык тармактарда активдүү катышып, алардын саясий, билим берүү, маданий жана экономикалык чөйрөдөгү ролу өскөн. Макалада Советтик Кыргызстанда аялдардын социалдык статустун өзгөрүүсү, алардын эмгек тармагындагы орду, коомдук иштерге катышуусу жана социалисттик түзүмдүн өнүгүүсүнө кошкон салымдары талданат.

***Ачкыч сөздөр:*** Советтик Кыргызстан, аялдар, маданий жашоо, коомдук турмуш, социалисттик өзгөрүүлөр, билим берүү, эмгек тармагы, тең укуктуулук, социалисттик башкаруу

***Роль женщин в общественной, политической и культурной жизни советского кыргызстана***

**Аннотация**
В статье рассматривается участие женщин в общественной, политической и культурной жизни Советского Кыргызстана. После Октябрьской революции 1917 года социалистический режим проводил политику расширения прав женщин, что способствовало их активному участию в разных сферах общества. Женщины получили возможность участвовать в политической жизни, обучении, культурной и экономической деятельности. В статье анализируются изменения в социальном статусе женщин, их роль в трудовой сфере и общественной жизни, а также их вклад в развитие социалистического общества Кыргызстана.

***Ключевые слова:*** Советский Кыргызстан, женщины, культурная жизнь, общественная жизнь, социалистические преобразования, образование, трудовая сфера, равенство прав, социалистическое управление

***The role of women in the social, political, and cultural life of soviet kyrgyzstan***

**Abstract**
The article explores the role of women in the social, political, and cultural life of Soviet Kyrgyzstan. After the 1917 October Revolution, the socialist regime implemented policies aimed at expanding women's rights, which led to their active participation in various sectors of society. Women gained the opportunity to engage in political life, education, cultural, and economic activities. The article analyzes changes in the social status of women, their role in the labor sector, and their contribution to the development of socialist society in Kyrgyzstan.

***Keywords:*** Soviet Kyrgyzstan, women, cultural life, public life, socialist transformations, education, labor sector, gender equality, socialist governance

**Киришүү.** XX кылымда кыргыз элинин тарыхында чоң өзгөрүүлөр орун алды. Анын ичинде советтик мезгил (1917-1991) айырмаланып турат. Мында эл чарбасын түп тамырынан кайра куруу менен катар жалпы калктын укуктарын кеңейтүү, алардын коомдук жана саясий турмушка катышуусундагы жаңы баскычтар орун алган. Советтик Кыргызстандагы аялдардын ролу бул процесстин ажырагыс бөлүгү болуп, көптөгөн социалдык, маданий жана саясий өзгөрүүлөрдү баштан кечирди. Советтик система аялдардын саясий жана экономикалык катышуусун кеңейтүү, аларды билим берүү жана коомдук ишмердикке тартуу менен аларды жаңы шарттарда тең укуктуу жарандары катары таанытууга аракеттенген.

**Негизги бөлүк.** Советтик режим аялдардын саясий активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бир катар чараларды көргөн. 1917-жылы Октябрь революциясынан кийин, советтик өкмөт аялдардын укуктарын кеңейтүү багытында бир катар мыйзамдарды кабыл ала баштаган. Мисалы, 1918-жылдын 16-сентябрында кабыл алынган Жарандык абал актылары, нике, үй-бүлө жана камкордук боюнча мыйзамдар кодекси [5] Конституциядагы гендердик укуктарга байланыштуу боштуктарды толуктаган.

Кодекс 4 бөлүмдөн турган, ар бир бөлүм тиешелүүлүгүнө жараша жарандык абал актыларына, нике, үй-бүлө жана камкордук мыйзамдарына арналган. Кодекстин 52-беренесинде белгиленгендей, жарандык (светтик) нике гана, Жарандык абал актыларын каттоо бөлүмүндө катталган болсо, жубайлардын укуктарын жана милдеттерин жараткан. Никеге туруу үчүн негизги шарт катары никеге туруучулардын жаш курагынын жетишүүсү белгиленген. Бул курак Кодекстин 66-беренесине ылайык, аялдар үчүн 16 жаш, ал эми эркектер үчүн 18 жаш деп аныкталган.

1918-жылы Россиянын Борбордук Аткаруу Комитети (ВЦИК) Эмгек мыйзамдарынын Кодексин кабыл алган. Бул кодекс эмгек укуктарынын жогору деңгээлин жарыялоо менен бирге, эмгекке мажбурлоону да камтыган. Иштөө убактысы сегиз сааттык күндүзгү же жети сааттык түнкү сааттарда белгиленген (ст. 84). Кодекс аялдарга жана 18 жашка толо элек адамдарга кошумча сааттарда иштөөгө тыюу салган.

Кыргызстанда аялдардын саясий активдүүлүгү 1920-жылдардын башында күч алды. 1918-жылы Пишпекте уездик-шаардык комитеттин активдүү катышуусунда “Трудовая женщина” союзу түптөлгөн [5]. 1920-1921-жылдарда Кыргызстанда Пишпек, Каракол, Ош, Беловодск айылында партиянын узезддик-шаардык жана волостук комитеттеринде аялдар комитеттери түзүлөт. Алардын баары эркектер менен аялдарга бирдей укук берген, калыңды жоюу, нике курагын жогорулатуу, көп аял алууга тыюу салуу, кыздарды зордоп турмушка бербөө ж.б тууралуу мыйзамдардын жол-жоболорун кармана башташкан. Аялдардын активдүүлүгүнүн өсүшү оор шарттарда өткөн. Кылымдап калыптанып калган нерселерди алмаштыруу абдан татаал болчу, ага бир нече жыл талап кылынган.

1925-жылдын 5-мартында Пишпек шаарында Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун дыйкан, батрак аялдарынын 1-съезди болгон. Кыргыз элинин тарыхында биринчи жолу партиянын жана совет бийлигинин өкүлдөрү менен биргеликте өздөрүнүн абалын жакшыртуу боюнча аракеттерди талкуулап, иш-чараларды белгилешкен. Съездге 105 делегат катышкан, алардын 85и кыргыз аялдары болгон. Күн тартиби эл аралык жобо, Эл аралык 8-март күнү, аялдардын укуктук абалы, аялдардын билими, алардын советтик курулушка катышуусу, кыздарды комсомолго жана пионердик отряддарга тартуу, сабатсыздыкты

жойгон ликбездерди, ФАП, кызыл үйлөрдү ачуу, “Кошчу” союзуна аялдарды катыштыруу ж.б. маселелерди [5] камтыган.

Кыргызстандын аялдарынын 1-съезди аялдардын ар намысын ойготуп, жаңы бактылуу турмушка ишендирген, аялдардын эмгектик жана коомдук-саясый активдүүлүгүн жогорулатууга түрткү болгон. Аялдардын коомдук турмушка катышуусу өлкөнүн бардык бурчтарында кеңейип, алар мектептерде, партиялык жана коомдук уюмдарда иш алып бара башташкан. 1930-жылдары Кыргызстанда аялдар коммунисттик партиянын мүчөлөрү болуп, өлкөдөгү саясий иштерге катышкан. Аялдардын коомдук ишмердиги тарыхта биринчи жолу эркектер менен тең укукка ээ болуп, жергиликтүү кеңештерге шайлана башташкан. Мисалы, Уркуя Салиева 1928-жылы Ноокат районундагы Мүркүт айыл кеңешинин төрайымы болуп шайланган. 1929-жылы райондогу алгачкы «Кызыл аскер» колхозун уюштурган. 1930-жылы ал ВКП(б)нын мүчөлүгүнө кандидат катары кабыл алынып, 1932-жылы Коммунисттик партиянын катарына кыргыз аялдарынан биринчилерден болуп өткөн [6].

Бирок, көп кылымдык салттарды “саткан” аялдарга карата зомбулук учурлары сейрек көрүнүш эмес эле. Совет бийлигин алгачкы жылдарында азыркы Өзбекстан аймагында паранжысын алгачкылардан болуп чечкен 300 аял өлтүрүлгөнү илимий адабияттарда кездешет. Кыргыз ССРинде мындай статистика жок, бирок айрым учурлардын сүрөттөмөлөрү кездешет. Мисалы, кыргыз тарыхчысы Ж.С. Татыбекованын эмгегинде: “Кара-Суу (Ош шаарына жакын жерде) шаарында басмачылар делегаттарды шайлоого үгүт жүргүзүп жүргөн эки аял-активистти кармап, мыкаачылык менен өлтүрүшкөн да, алардын сөөгүн эт базарына асып коюшкан” деген маалыматтар [8, 25] келтирилген.

«Кыргызстан аялдары» журналына 1983-жылы августта берген интервьюсунда коомдук ишмер Г. Ибрагимова мындай деген: «Киробкомдун аялдар секторуна башчы кылып дайындашканда мен 24 жашта гана болучумун. Бул учур оор, коркунучтуу убак болчу. Басмачылык, бай-манаптык элементтер тарабынан колхоз курулушуна, аялдарга азаттык берүү мыйзамдарына каршы күрөштөр жүрүп жаткан. Биз кедей-кембагалдарга колхоз катарына кирүү, жер-суу реформасын жүргүзүү, эскинин калдыктары болгон паранжа кийүүгө, билимсиздикке каршы күрөшүү жана аялдардын никеге туруусу, калың жөнүндө мыйзамдарды түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен аялдарды өз укуктары үчүн күрөшүүгө чакырганбыз. Айылдарда, кыштактарда кызыл бурчтар, аялдар клубдары, ликбез мектептери, балдар аянттары, өнөр жай, кол өнөрчүлүк артелдери ачыла баштады» [3, 79].

1936-жылы кабыл алынган СССРдин Конституциясы аялдарга саясий жана экономикалык тең укуктарды берди. Конституциянын 122-беренесинде: «СССРде аялдарга бардык тармактарда эркектер менен тең укук берилет – эмгек, мамлекеттик жана коомдук-саясий жашоодо. Бул укуктарды ишке ашыруу аялдарга эмгек, эмгек акысы, эс алуу, социалдык камсыздандыруу жана билим берүү боюнча эркектер менен тең укук берилгенде камсыздалат, ошондой эле мамлекет аялдын жана баланын кызыкчылыктарын коргойт, көп балалуу жана жалгыз бой энелерге мамлекеттик жардам көрсөтүлөт, аялдарга төрөт учурунда эмгек акысы менен ызы-чуусуз эс алуу берилет, төрөт үйлөрү, балдар бакчалары тармагы кеңейет” деп жазылган. Демек, мыйзамдык база боюнча аялдарга социалисттик өлкөдө эркектер менен тең укуктар берилери кепилденген.

Советтик Кыргызстанда аялдардын билим алууга жана маданий турмушка катышуусуна чоң көңүл бурулду. СССРдин социалисттик түзүмү аялдардын тең укуктуу

болуп, билим алуу, чыгармачылык жана маданий ишмердикте активдүү катышуусун шарттаган. 1920-30-жылдардан баштап Кыргызстанда мектептер, техникумдар жана жогорку окуу жайлары ачылды. Бул окуу жайларда билим алган кыргыз аялдарынын саны улам өсүп отурган. Советтик өкмөтү өлкөдөгү аялдарды билимдүү, интеллигенттүү жана чыгармачыл коомдун активдүү мүчөлөрүнө айландыруу максатында иш алып барган [1].

Аялдардын маданий турмушка катышуусу да кеңейген. Аялдар чыгармачылык топторунда, театрларда, көркөм искусстводо жана башка маданий иш-чараларда кеңири катыша баштаган. 1930-40-жылдары Кыргызстанда аялдардын окууга мүмкүнчүлүктөрү көбөйгөндүктөн, алар маданий чөйрөгө аралаша башташты. Кыргыз аялдарынан алгачкы жазуучу А.Айтбаева, алгачкы журналист К.Кыдырбаева, биринчи актриса А.Карасаева, кыргыз совет адабиятчысы, сынчы Б.Керимжановалар ушул мезгилдерде өз чыгармачылыктарын башташкан.

Кийинки жылдары маданий чөйрөгө Н.Жетикашкаева, С.Абдыкеримова, Т.Адышева, М.Буларкиева, С.Абдыкадырова, Н.Жүндүбаева, З.Сооронбаева, Ж.Тынымсеитова, М.Абылкасымова ж.б. акын, жазуучулар чыгармаларын басма сөздө жарыялап, алды 1940-50-жылдардын чегинде алгачкы китептерин чыгарууга үлгүрүшкөн.

Борбор калаадагы Фрунзе кинохроника студиясы 1941-жылы 17-ноябрда өкмөттүн токтому менен уюшуп, жаңы түзүлгөн маданий жайга жабдуу, техника алып келинип «кыргыз кереметине» чыйыр салынган [7]. Ата мекендик киночулардын тарткан эмгектерине таланттуу кыргыз кыз-келиндери тартылган. Алар: Сабира Күмүшалиева, Даркүл Күйүкова, Бакен Кыдыкеева, Алиман Жангорозова, Таттыбүбү Турсунбаева, Жамал Сейдакматова, Айтурган Темирова, Гүлнара Кадыралиева, Гүлсара Ажыбекова ж.б.

Согуш жылдары эң оор абалга алып келгени белгилүү. Эмгекке жарамдуу эркектердин көпчүлүгү фронтко кетти. Айылдык көптөгөн эмгекчилер өнөр жай ишканаларына, курулуштарга мобилизацияланды. Фронтко кеткен эркектердин ордун аялдар, өспүрүмдөр жана кары-картаңдар басты. Согуштун алгачкы жылдарында өлкөдө атактуу трактористтер П.Ангелина менен М. Мухортова көтөргөн “Аял – тракторго!” чакырыгы кайра жаңырды. Бул чакырык кеңири жайылып, кызуу колдоого алынган. 1941-жылдын июль айынын ортосуна карата республикадагы кыска мөөнөттүү трактористтер курстарында 2695 аял жана кыздар тартылган. Ал эми 1941-жылдын күзүндө республиканын МТС жана совхоздорунда 3193 тракторист жана 616 комбайнер аялдар иштеп калышкан. Ошондой эле аялдардан 48 трактор бригадасы түзүлдү [4]. 1943-жылы Республикадагы МТСтердеги тракторист жана комбайнер аялдардын үлүшү 61,5% түзгөн болчу.

Республикадагы атактуу кызылча өстүрүүчү З. Кайназарованын суранычы менен аскердик армиянын жоокерлерине пландан ашык өстүрүлгөн кызылчадан өндүрүлгөн кант вагону белекке жөнөтүлгөн [4].

Бул мезгилде республиканын мал чарбачылыгында аялдардын үлүшү жалпы иштегендердин 60% түзгөн. Республикадагы социалисттик мелдеште мал чарбасынын арасында биринчи орунду ээлеген чарбалардын бири – “Аламүдүн” совхозунун эмгек жамааты болгон. Совхоздун директору Ф.А.Стрельникова болсо, ал эми чабандар Т. Сагымбаева менен А. Баимбетова эмгектенишкен.

Советтик Кыргызстанда аялдардын коомдук жана экономикалык турмушка катышуусу маанилүү өзгөрүүлөрдү баштан өткөрдү. Аялдар, биринчи кезекте, колхоздордо, фабрикаларда, өнөр жайда жана социалдык мекемелерде эмгектенишкен. СССРдин саясаты аялдарды жумушка тартуу, социалдык жумушчу күчтөрүнүн бир бөлүгү катары аларды пайдалануу болгон. Кыргызстандын аялдары 1950-жж. айыл чарбасында иштегендердин 40%, өнөр жай, транспорт жана курулуш тармагында иштегендердин 42%ын түзүп турган. Бул учурда өнөр жай багытында кыргыз улутундагы аял жумушчулардын саны көбөйгөн. Мисалы, 1949-жылы 1290, 1951-жылы 2339, 1952-жылы алардын саны 3165 чейин көбөйгөн [2]. Төмөндө советтик мезгилдеги жетекчи кызматтарда ийгиликтүү эмгектенген кыргыз аялдарынын айрымдарына токтоло кетсек.

Сакин Бегматова [3, 75] 1961-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасынын орунбасарлыгына бекитилип, бул кызматта 19 жыл, анын ичинен 17 жыл республиканын тышкы иштер министри да болуп иштеген. Ал респубиканын коомдук-саясий турмушуна активдүү катышып, Компартиянын Борбордук Комитетине мүчөлүкө, СССР Жогорку Советинин 6-чакырылышына депутаттыкка, СССР Жогорку Советинин Улуттар Советинин Төрагасынын орун басарлыгына шайланат.

Күлүйпа Кондучалованы [3, 92] маданиятыбыздын легендасы деп айтсак туура болот. Ал 22 жыл (1958-1980) министр болуп эмгектенди. Өлкөбүздөгү маданият саясаты, маданий-агартуу мекемелеринин жакшыртылышы, профессионалдык жана өздүк көркөм чыгармачылык искусствонун гүлдөгөн доору, чыгармачыл, жогорку квалификациялуу адистердин бүтүндөй бир муунунун тарбияланышы Күлүйпа Кондучалованын ысымы менен байланышкан. Дал ушул Кондучалова эженин тушунда Кыргызстандын маданияты бүткүл дүйнөгө таанылды. Бул мезгилде Айтматовдун адабий феномени, “кыргыз киносунун кереметиˮ, кыргыз балети болуп көрбөгөндөй бийиктикке көтөрүлгөн.

**Жыйынтык.** Советтик Кыргызстанда аялдардын коомдук, саясий жана маданий турмушка катышуусу чоң өзгөрүүлөргө кабылды. Жаңы социалисттик түзүм аялдардын теӊ укуктуулугуна жана активдүүлүгүнө жол ачып, аларды коомдук турмушка кошуу үчүн ар тараптуу чараларды көрдү. Бирок, ошондой эле, социалисттик коомдун кыйынчылыктары жана чектөөлөрү аялдардын турмушун өзгөртүүдө белгилүү бир тоскоолдуктарды жаратты. СССРдин таасири менен кыргыз аялдары коомдогу маанилүү ролду аткарууга мүмкүнчүлүк алышты жана азыркы учурда да алардын ролу уланып келет.

1991-жылы СССРдин тарашы менен Кыргызстан өз эгемендигин алганда, аялдардын коомдогу орду дагы өзгөрдү. Бирок советтик мезгилде жетишилген прогресстин натыйжасында көптөгөн аялдар бүгүнкү күндө дагы коомдук жана саясий турмушка активдүү катышып келишет.

### Колдонулган адабияттар жана булактар


1. Айтымбет кызы А. Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүүнүн абалы жана келечеги (1985-2016-жж.) // эл. шилтеме: [https://stepen.vak.kg/avtoref/ajtymbet-kyzy-ajgul/](https://stepen.vak.kg/avtoref/ajtymbet-kyzy-ajgul/)
2. Апышева А. Дорога счастья женщин Кыргызстана. - Фрунзе, 1969

3. Бектурганова К. А. Кыргызстандын асыл кыздары. – Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2006. – 416 б.
4. Бектурганова К.А.. Участие женщин в общественно-политической и культурной жизни Киргизии в годы ВОВ // эл. шилтеме: http://vestnik.krsu.edu.kg/archive/119/5216
5. Карабаева Кипариза Нурдиновна Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролу (1991-2021) // Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Бишкек, 2024
6. Максытова Н. Уркуя Салиева жөнүндө фактылар // Эл. шилтеме: https://sputnik.kg/20170408/urkuya-salieva-tuuraluu-15-fakty
7. Сарыбаев Э.А. Первые киносъёмки во Фрунзе // https://www.informer.kg/ru/frunze/muzykalnaya_zhizn_i_kino/8198.html
8. Татыбекова Ж.С. Великий Октябрь и женщины Кыргызстана. - Фрунзе, 1975.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 84-90

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_13

# К ВОПРОСУ ОБ ИССЛЕДОВАНИЯХ ТРАДИЦИИ КОВРОТКАЧЕСТВА КЫРГЫЗОВ В ДОСОВЕТСКОЕ ВРЕМЯ

## КЫРГЫЗДАРДЫН СОВЕТТИК ДООРГО ЧЕЙИНКИ КИЛЕМ ТОКУУ САЛТЫН ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕСИ БОЮНЧА

## HE QUESTION OF STUDYING TRADITIONS OF KYRGYZ CUDDLES IN THE PRE-SOVEST PERIOD

**Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна**
*Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна*
*Satybaldieva Chynykhan Topchubaevna*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr. Professor, Osh State University*
cynyhan@bk.ru
ORCID: 0009-0006-7484-841X

---

**Имарали кызы Айзат**
*Имарали кызы Айзат*
*Imarali kyzy Aizat*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*masters student, Osh State University*
Izati@mail.ru

# К ВОПРОСУ ОБ ИССЛЕДОВАНИЯХ ТРАДИЦИИ КОВРОТКАЧЕСТВА КЫРГЫЗОВ В ДОСОВЕТСКОЕ ВРЕМЯ

**Аннотация**

Материальная культура народов Средней Азии, в том числе домашнее ремесло, привлекала многих путешественников и ученых, побуждала их к исследованиям. Развитие этнической культуры народов можно наблюдать через материальную культуру. В досоветский период публиковались различного содержания научные труды, изучавшие материальную культуру народов Средней Азии. Сведения о периоде появления ковров и искусстве ковроткачества, занимающем особое место в истории кыргызской культуры, в настоящее время практически отсутствуют. Однако традиционное ковроткачество в Центральной Азии археологически и исторически исследовано еще в досоветский период.

***Ключевые слова:*** материальная культура дореволюционного времени, исследование, кыргызы, ковер, ковроткачество, традиция, искусство

***Кыргыздардын советтик доорго чейинки килем токуу салтын изилдөө маселеси боюнча***

**Аннотация**

Орто Азия элдеринин материалдык маданияты, анын ичинде үй кол өнөрчүлүгү көптөгөн саякатчыларды жана окумуштууларды өзүнө тартып, аларды изилдөөгө үндөгөн. Элдердин этникалык маданиятынын өнүгүшүн материалдык маданият аркылуу байкоого болот. Совет бийлигине чейинки мезгилде Орто Азия элдеринин материалдык маданиятын изилдеген ар кандай мазмундагы илимий эмгектер жарык көргөн. Кыргыз маданиятынын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген килемдердин пайда болуу мезгили жана килем токуу өнөрү тууралуу маалыматтар учурда дээрлик жок. Бирок Борбордук Азиядагы салттуу килем токуучулук археологиялык жана тарыхый жактан совет дооруна чейинки мезгилден бери эле изилденип келет.

***Ачкыч сөздөр*:** революцияга чейинки мезгилдеги материалдык маданият, изилдөө, кыргыз, килем, килем токуу, салт, искусство

***He question of studying traditions of kyrgyz cuddles in the pre-sovest period***

**Abstract**

The material culture of the peoples of Central Asia, including handicrafts, attracted many travelers and scholars and encouraged them to research. The development of ethnic culture of nations can be observed through material culture. In the pre-Soviet period, scientific works of various contents were published that studied the material culture of the peoples of Central Asia. Information about the period of the appearance of carpets and the art of carpet weaving, which occupies a special place in the history of Kyrgyz culture, is practically absent at the present time. However, traditional carpet weaving in Central Asia has been archaeologically and historically studied since the pre-Soviet period.

***Key words*:** material culture of pre-revolutionary times, research, Kyrgyz, carpet, carpet weaving, tradition, art

Искусство ковроткачества, тесно связанное с этнической культурой кыргызов включает в себя огромный опыт труда многих поколений, поэтому не утратило своего значения как сокровищница традиций народа и по сей день.

О ковроткачестве народов Средней Азии известно немало работ ученых. В качестве первой серьёзной работы над коврами выступил русский военный генерал А.А. Боголюбов. Были рассмотрены его альбомы, изданные в связи с организацией выставки ремесел. А.А.Боголюбов имел возможность собрать обширную коллекцию среднеазиатских ковров и на их основе провел углубленное исследование ворсовых ковров. Это была первая попытка научной классификации ковров, и видно, что автор уделил внимание и производству кыргызских ковров [1].

Альбом А.А. Боголюбова о ворсовых коврах — одно из первых специальных произведений. В этой работе ученый остановился на обширной коллекции тканых ковров и в двух таблицах своего научного труда представил изображения ковров, принадлежащих кыргызскому народу. Он подчеркнул, что среди кыргызов Андижана в Ферганской долине искусством ковроткачества занимаются коренные племена (кыпчак и кыдырша, тоолос). Он доказал, что искусство ковроткачества кыргызов – древнее ремесло, сформировавшееся еще в средние века. Кроме того, А.А. Боголюбов занимался историей туркменского ковроткачества и изучает их художественную интерпретацию. По мнению ученого, туркмены и некоторые группы узбеков, казахов и кыргызов научились ремеслу ковроткачества у парфян, сарматов и алан, которые считаются местным населением Средней Азии [1, с.66; 13; 14; 15].

Другой ученый, особенно ценивший искусство ковроткачества кыргызов, - А.А.Семенов пришел к выводу, что ковроткачеством занимаются все кыргызы. Еще одной особенностью исследований среднеазиатских ковров А.А. Семенова является то, что он предоставил сведения о красителях, используемых на этих коврах, и процессе крашения.

А.А. Семенов в своих научных работах подчеркивает сходство узоров туркменских ковров с ассирийскими и халдейскими узорами. По этому вопросу писал всемирно известный путешественник Марко Поло. Он подчеркнул, что туркменский народ занимается торговлей и ремеслами. Они, в свою очередь, отметили, что владеют искусством ткачества. Заметив, что плетение ковров из хлопка является одним из основных ремесел туркменского народа, они придавали большое значение своим тканым коврам [2,с.28].

Барон А.Фелькерзам провел фундаментальное исследование, посвященное производству ковровых изделий среднеазиатских народов и кыргызских племен советской эпохи. В работе исследователя он рассказывает о производстве и распространении тканых ковров в восточных регионах конца XIX - начала XX века. А. Фелькерзам, приступая к работе, обратился к С.М. Дудину и выражая Н.Ф. Бурдукову глубокую признательность, так как их творчество является первой частной коллекцией, позволившей ткацкому искусству Средней Азии широко распространиться за пределы региона и дала возможность углубленно изучить материал. Одна из таких коллекций принадлежит Н.Ф. Бурдукову, исследователю народов Востока, путешествовавшему по Средней Азии, Персии и Афганистану для изучения местных ремесел. Полученные текстильные изделия, в частности, были представлены на исторической выставке в Школьном музее барона Штиглица вместе с каталогом под названием «Туркестанские ковры из коллекции Н. Бурдукова» [3]. Благодаря

их собранным коллекциям была создана возможность познакомиться с направлениями, связанными с шерстяными коврами. В исследовании А. Фелькерзама можно заметить, что экспериментальная ценность предметов домашнего обихода, изготовленных по технологии тканых ковров, и бессистемный анализ резных орнаментов немного тревожили. С течением времени форма многих ремесел в истории этносов менялась, но процесс ковроткачества остался самобытным и не утратил своей актуальности и по сей день [4, с.59]. При этом отмечалось, что перед русской общиной стоит задача изучения коврового производства Средней Азии и что цена ковров в виде изделий кустарного промысла в будущем будет возрастать [4, с. 20]. А. Фелькерзам отметил, что ковроткачеством в Средней Азии занимаются в основном кочевые этносы: туркмены, кыргызы и оседлые узбеки. Наряду с ними он писал, что будут изучены также афганские ковры, восточноперсидские и белуджские ковры [4, с. 20]. Поэтому у народов Средней Азии мы можем считать кыргызскую традицию ковроткачества их подлинным ремеслом. Если опираться на работы А. Фелькерзама, то сообщалось, что именно кыргызы ткали качественные ковры в районе Восточного Туркестана. Он отмечает, что ковры из г. Хотана принадлежат преимущественно кыргызам [4, с. 26].

Эти же сведения подтверждает и С. М. Дудин, который в силу ограниченности времени получает сведения о коврах в Восточном Туркестане от местного доктора Пальцева. По его словам, ковроткачеством в этом регионе занимались кыргызы и оседлые узбекские этносы [9, с.144]. Ещё один интересный факт: хотанские ковры по технологии и отделке очень похожи на ковры, сотканные в Фергане и Анджиянском районе. По историческим данным, ковроткачеством в этих регионах занимались кыпчакские племена, входящие в состав современных кыргызских племен. Художник С.М. Дудин предположил, что эти ковры могут быть узбекскими коврами. Однако барон А.Фелькерзам отмечал, что даже на территории современного Узбекистана ковроткачеством занимались только кыргызские племена [4, с. 34-37]. С другой стороны, он установил, что другие племена кыргызов вообще не ткали ковры, ограничиваясь изготовлением ковров без ворса (шырдак, шырдамал) [4, с. 34 ]. В процессе ковроткачества кыргызов ему удалось изучить главным образом технику ткачества и элементы резного орнамента. Однако небольшие ковровые изделия, изготовленные в технике ковроткачества, в быту кыргызов не получили широкого распространения [10, с. 86].

Хотя названия «бухарский ковер», «хотанский ковер», упоминались торговцами коврами по-разному, ковроткачество в этих географических регионах не имело места. В работе А. Фелькерзама он подчеркивал, что бухарцы далеки от ковроткачества и писал, что таджики и сарты непосредственно ковроткачеством не занимались. Ученый подчеркивал в своей работе, что гораздо интереснее было бы изучать ковры кочевников, которые оригинальны, более красивы и естественны, но имеют несколько слабое качество, чем ценные ковры, сотканные персами для европейцев. [4, с.61] Другая ситуация: А. Фелькерзам сообщил, что Марко Поло оставил информацию о коврах, но не описывал ни одного из них. О коврах в шатрах (кибитках) Хубилай-хана писал и Марко Поло, и мы замечаем, что даже когда хан уезжал в отпуск, он носил с собой ковры и переносные палатки не только для украшения, но и по состоянию здоровья. [4, с.66]. Кроме того, он непосредственно изучал ковры кыргызов Анжианской и Ферганской областей и выяснил, что искусством ковроткачества занимались узбекские племена. Особенно барон А. Фелькерзам

классифицировал ковры туркменских народов Средней Азии и изучил ковровое производство их этносов. До изучения ковров А. Фелькерзам писал, что необходимо остановиться на вопросе исследования жилищ этносов [4, с.100].

Классифицируя ковры, учёный подтверждает, что мастерами ковроткачества являются кыргызские племена Андижанского и Ошского районов Ферганской области. А. Фелькерзам пришел к выводу, что Кашгарский ковёр в Восточном Туркестане соткали местные кыргызы, жившие там. Материалы по ковровому производству кыргызов Ферганской области в начале XX века. В работе барона А. Фелькерзама «Старые ковры Средней Азии» важные сведения написаны на основе сведений знатока этого региона, жителя Анжияна А. Утямышева. По сведениям барона А. Фелькерзама, таджики и сарты Средней Азии часто изготавливали сюзанны с вышитыми изображениями, как известно, совершенно отличается от технологии изготовления ковров. С другой стороны, кыргызы, туркмены и узбеки, считающиеся близкими им по культуре, указывали на то, что полукочевые народы умели ткать ковры [4, с.61-62-63]. Он также дает обширную информацию о красителях для ковров и классифицирует натуральные красители [4, с. 81-83]. Кроме того А.Фелькерзам рассказал, что каждое племя кыргызов имеет свои родовые знаковые буквы (тамга) и они тоже встречаются на тканых ковровых изделиях. По мнению ученого, известно, что племенная посуда (коокор) украшалась в качестве орнамента на кыргызских коврах ферганскими кыргызами в конце XIX - начале XX вв. [4, с.20].

Ученый Д.Н. Логофет также провел исследование коврового хозяйства в Центральной Азии. В частности, он изучал быт и этническую историю туркмен, а также их экономику и ремесла. Доказано, что материальная культура определяет экономику [5, с.147-149; 265,227]. В то же время тот факт, что местные ткачи освоили украшение тканей красками, указывает на высокий уровень крашения в древности [6, с.7].

Ученый С.Б. Броневский дал оценку художественному ремеслу кыргызов и сказал, что кыргызы умели обрабатывать шерстяное сырье различными способами, так как у них были все животные, дающие шерсть. Из тонких сортов шерсти ткали ткани, из слегка щетинистой шерсти ткали ковры, изготавливали войлок, сумки и другие изделия. Ковер был окрашен и соткан простейшими методами, что сделало его невероятно красивым. Поэтому кыргызы занимались простейшим видом ковроткачества [7, с.37-38].

Н.И. Гродеков анализирует традиционный образ жизни кыргызов и отмечает, что в южных регионах Кыргызстана отец в обязательном порядке заботился о ребенка: довел до совершеннолетия, женил его, а затем способствовал к дальнейшему самостоятельному продолжению семейной жизни. Для этого отец женил сына, выплатив приданое, построил дом и дал ему в наследство крупный рогатый скот, овец и лошадей. Он писал, о том, что в обязанности отца входит и то что, он должен разделить сына и невестку, после их женитьбы [11, с. 43-45]. При этом по традиции мать подарила каждому из своих детей по ковру, сотканному своими руками. А те, у кого его нет, отметили, что такие подарки своим детям дарить невозможно.

Известный русский учёный и путешественник И.И. Гейер, описывая ремесла туркестанцев, говорил, что они могли получать красители из окружающей природы, а также окрашиванием овечьей шерсти натуральными красителями. [12, с. 45-144].

В своей работе русский учёный В.К. Розвадовский исследовал различия между ремеслом и искусством. Мастер (мастер, изготавливающий вещь вручную в домашних условиях) при изготовлении изделия не зависел от заказчика, ключевую роль в его работе играл художественный инстинкт. Б.К.Разводоский отмечает, что мастер является неизвестным заказчиком своей продукции, он не изготавливал изделия по особому стандарту, его изделия разрабатывались по его настроению [8,с.30]. Традицию ковроткачества кыргызов он изучал в селе Айым Анжиянского района современного Узбекистана. Он отметил активное участие кыргызских женщин в ковроткачестве. Отмечается, что в районах Чангыр-таш, Ак-мечит и вокруг села Дардак женщины занимались ковровым производством и нанимали умелых женщин для ткачества ковров. Эти местности упоминаются в исторических исследованиях как регион, где с незапамятных времен жили кыргызы.

По мнению В.К. Розвадовского, искусством ковроткачества занимались в основном кыргызки и отмечали, что они очень хорошо владели искусством ковроткачества [8, с. 18].

По мнению В.К. Розвадовского, человек, имевший на руках достаточно имущества, должен заказывать и ткать ковры дома. Так как процесс ковроткачества сложен, необходимо много ресурсов и движений, то в качестве основных инструментов для изготовления специальных ковров использовались металлические ножницы и молотки из тутового и абрикосового дерева. В.К. Розвадовский также подтверждает, что искусством ковроткачества на территории Узбекистана занимались преимущественно только представители кыргызских племен, проживающих в этом регионе [8, с. 19-17].

В конце статьи можно сделать следующий вывод о том, что исследования упомянутых авторов содержат важные материалы досоветского периода по традиционному ковроткачеству кыргызов.

**Использованная литература**

1. Боголюбов, А. А. Ковровые изделия Средней Азии (Из собрания, составленного А. А. Боголюбовым) [Текст] / А. А. Боголюбов. – СПб.: Экспедиция заготовления гос. бумаг, 1908-1909. – Вып. 1/2. – 66 с.
2. Минаев И.П. Путешествие Марко Поло: Перевод старфран. Текста. -СПб., 1902. 355ст. (Записки имп. рус.геогр. о-во по отд-нию этнографии; Под ред. Действ.чл. В.В. Бартольда. T.XXVI. с. -28.)
3. Вайнштейн, С. И. История народного искусства Тувы [Текст] / С. И. Вайнштейн. – М.: Наука, 1974. – 222 с.
4. Фелькерзам, А. А. Старинные ковры Средней Азии [Текст] / А. А. Фелькарзам // Старые годы. – СПб., 1914. – С. 17-22, 57-113.
5. Логофет Д.Н. На границах Средней Азии. Книга 2. Русско-Афганская граница Москва.” Книга по требованию” Изд. В. Березовский. С.Петербург. Колокольная улица.14. 1909 г. С-245] [Логофет, 147-149-б.]
6. Латышев, В. Известия древних писателей греческих и латинских о Скифии и Кавказе [Текст] = Scythica et caucasica e veteribus scriptoribus graecis et latinis / В. Латышев. – СПб.: Тип. Императ. АН, 1893. – Т.1, вып. 1: Греческие писатели. – 296 с

7. Броневский С. Б. О казахах Средней Азии [Текст]: 2-е изд.доп. / С.Б. Броневский - Астана: «Алтын китап», 2007. – (Библиотека казакской этнографии), Т.5. -168.
8. Розвадовский, В. К. Опыт исследования гончарного и некоторых других кустарных промыслов в Туркестанском крае [Текст] / В. К. Розвадовский. – Ташкент: Тип. при Канц. Турк. ген.-губ. 1916. – 51 с.
9. Дудин, С. М. Ковровые изделия Средней Азии [Текст] / С. М. Дудин // Сборник МАЭ. – Л., 1928. – Т. 7. – С. 71-166.
10. Мошкова, В. Г. Племенные «голи» в туркменских коврах [Текст] // Сов. этнография. – 1946. – № 1. – С. 145-162.
11. Гродеков, Н. И. Киргизы и каракиргизы Сырдарьинской области [Текст] / Н. И. Гродеков. – Ташкент: Типолитогр. С. И. Лахтина, 1889. –
12. Гейер, И. И. Туркестан [Текст] / И. И. Гейер. – изд. 2. – Ташкент: Тип. Туркестан. Т-ва печат. дела, 1909. – 347 с.
13. Сатыбалдиева, Ч. Т. Кыргыздардын салттуу килем токуу процесси менен коштолгон "учук таштамай" жөрөлгөсү / Ч. Т. Сатыбалдиева, А. Нурматова, Г. П. Калдыкова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 1, No. 3. – P. 27-32. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_27. – EDN RYUFDJ.
14. Сатыбалдиева, Ч. Т. Кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрүнүн тарыхынан / Ч. Т. Сатыбалдиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2022. – No. 4. – P. 118-123. – DOI 10.52754/16947452_2022_4_118. – EDN TZJOJR.
15. Сатыбалдиева, Ч. Т. Орнаментальные узоры традиционных ворсовых ковров кыргызов конца XIX-го и нач.XX вв / Ч. Т. Сатыбалдиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 2, № 3. – С. 228-237. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_3_228. – EDN XZGAER.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ТАРЫХ
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ИСТОРИЯ
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. HISTORY

**e-ISSN: 1694-867X**
№2(5)/2024, 91-97

**УДК: 37.014.3(575.2)**
**DOI:** 10.52754/1694867X_2024_2(5)_14

# КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛООДОГУ МАСЕЛЕЛЕР

## ВОПРОСЫ РЕФОРМИРОВАНИЯ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА

## CHALLENGES IN REFORMING THE EDUCATION SYSTEM OF KYRGYZSTAN

**Султанова Айжан Турдалиевна**
*Султанова Айжан Турдалиевна*
*Sultanova Aizhan Turdalievna*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*т.и.к., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr. Professor, Osh State University*
asultanova@oshsu.kg

---

**Анарбаева Жазгул Абдиламитовна**
*Анарбаева Жазгул Абдиламитовна*
*Anarbaeva Jazgul Abdilamitovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*masters student, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛООДОГУ МАСЕЛЕЛЕР

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында жүргүзүлүп жаткан реформалардын негизги маселелери талданат. Билим берүү сапатын жогорулатуу, окутуу методдорун жаңыртуу жана кадрларды даярдоо багытында туш келип жаткан көйгөйлөр каралат. Ошондой эле, реформа процессинде кезиккен тоскоолдуктар жана аларды чечүү жолдору сунушталат. Макалада реформалардын ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн эл аралык тажрыйбага таянуу зарылдыгы белгиленет

***Ачкыч сөздөр:*** билим берүү, система, реформа, мейкиндик, көйгөйлөр, сапат, символдор, инновация, процесс, академиялык коомчулук

***Вопросы реформирования системы образования Кыргызстана***

**Аннотация**
В данной статье рассматриваются основные проблемы, возникающие в ходе реформирования системы образования Кыргызской Республики. Анализируются вопросы повышения качества образования, модернизации методов обучения и подготовки кадров. Также предлагаются пути решения возникающих в процессе реформ препятствий. Подчёркивается важность использования международного опыта для успешной реализации реформ.

***Ключевые слова:*** образование, система, реформа, пространство, проблемы, качество, символы, инновация, процесс, академическое сообщество

***Challenges in reforming the education system of Kyrgyzstan***

**Abstract**
This article analyzes the key challenges in reforming the education system of the Kyrgyz Republic. It examines issues related to improving education quality, modernizing teaching methods, and training qualified personnel. The paper also proposes solutions to overcome obstacles encountered during the reform process. Emphasis is placed on the necessity of utilizing international experiences for the successful implementation of reforms.

***Keywords:*** education, system, reform, space, problems, quality, symbols, innovation, process, academic community

Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде жүрүп жаткан процесстин алкагында Кыргызстандын да билим берүү системасында билим берүү сапаты академиялык салттардын бири болуп саналып, эксперттик жана академиялык коомчулуктун активдүү талкуусун жаратууда. Билим берүү сапатын камсыздоо маселелери өзгөчө көйгөйлүү маселелерден болуп жаткандыгын билим берүү системасындагы реформалар жана ага байланышкан демилгелүү иш-чаралар далилдейт.

Коомчулук билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөрдү өзгөчө көңүл буруу менен байкап, чоң үмүт артып турат. Ошол эле учурда бул тармакта жүргүзүлгөн реформалар дайыма эле биз каалаган натыйжаларга жеткирбей жатканы өкүндүрөт. Мындай көрүнүш бир эле Кыргызстанда эмес, бир катар өлкөлөрдүн тажрыйбасынан да көрүнөт [1,12]. Реформалар көпчүлүк учурда кагаз бетинде кооз жазылганы менен, чыныгы турмушта толук иш жүзүнө ашырылбай, тормоздолуп, же такыр токтоп калган учурлар дагы бар. Мына ушундай реформалар аягына чыгарылбай калган өлкөлөрдүн катарына Кыргызстан да кирет.

Билим берүүдө жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжалуулугун изилдеген эксперттер алдына төмөнкүдөй суроолорду коюшат: Билим берүү тармагында кандай реформалар ийгиликтүү болуп жатат? Ал реформалардын ийгиликтүү болушуна же тескерисинче тоскоол болуучу факторлор кайсылар? Билим берүү тармагындагы реформалар боюнча атактуу адис-окумуштуулар Майкл Фуллан [4] жана Энди Харгревиздердин [3] эмгектерине таяналы. Бул илимпоздор бир нече жылдар бою дүйнө жүзүндөгү көптөгөн өлкөлөрдөгү реформалардын таржымалын изилдеп, алардын кайсы учурда ийгиликке жетишин же жетпегендигин, жана ийгиликке жетүүгө кандай факторлор таасир этүүсүн терең изилдеп, өздөрүнүн эмгектеринде чагылдырышкан. Изилдөөлөрдүн натыйжасында Билим берүү системасындагы реформалардын жүрүшүнө оң же терс таасир берүүчү факторлорду аныкташкан [7].

*Билим берүү системасындагы реформалардын жүрүшүнө*
*таасир берүүчү факторлор. Таблица №1.*




Мына ушул суроолордун айланасында ой жүгүртүп, берилген идеяларга таянып Кыргызстанда жүргүзүлгөн реформаларды түшүнүүгө аракет кылалы. Чындыгында билим берүү тармагында толгон-токой маселелер бар, ошол эле мезгилде ондогон реформалык

аракеттер жасалууда жана алардын дээрлик көпчүлүгү күтүлгөн натыйжаны бербей жатат. Союз таркагандан бери Кыргызстандын билим берүү тармагында канчалаган реформалар жүргүзүлүп, ар кандай эл-аралык донор уюмдарынын жардамы менен билим берүүгө бир нече миллион долларды түзгөн грант жана карыз акча билинбей эле сиңип кеткендей [2,37]. Анын негизги себептеринин бири бул системалуулуктун жоктугу. Демек, маселе жаңычыл аракеттердин болбой жаткандыгында эмес, тескерисинче бири-бири менен байланышпаган, үстүртөн жана фрагменттешкен реформалык аракеттердин чаржайыт жүргүзүлгөндүгүндө [1,21]. Ошондуктан, билим берүү тармагында иштеген адистер ийри отуруп түз кеңешип, өлкөбүз үчүн зарыл, туруктуу жана жугумдуу реформаларды жүргүзүшүбүз керек жана өлкөбүздө ийгиликтүү реформалар кандай болушу керек деген суроого жооп издеши абзел. Ал үчүн эл аралык тажрыйбага таянып, суроолорго жооп издеп көрөлү.

**1. Реформанын туура эмес картасы.** Билим берүүдөгү реформалардын жакшы ийгиликке жетпей калышынын себептеринин бири алардын эң негизгиси реформанын башталуу процесси жана ошол реформанын туура багыты так аныкталбай туруп башталганы, б.а. алдыга коюлган максатка ылайык күтүлүүчү натыйжасы аныкталбаганы. Кыргызстандын билим берүү системасында жүргүзүлгөн реформалардын багытын көрсөткөн карта туура эмес же түшүнүксүз болууда деп айтууга негиз бар. Себеби, алдын ала ачык айкындап туруп, бул эмне деген реформа, эмне үчүн жүргүзүүдөбүз жана ал бизди кайда алып барат деп терең изилдеп өзгөрүүнүн картасын тактап, анан ошондой өзгөрүүгө тиешелүү баардык адамдарга максат менен багытты анык түшүндүрүп жеткизүү жумуштары жүргүзүлбөгөн. Бүдөмүк пландар, бүдөмүк жол менен бүдөмүк жыйынтыкка алып барат. Англис тилинде «Peoplefailtoplan, buttheydonotplantofail» деген учкул сөз бар жана анын мааниси “Адамдар план түзүүдө жаңылат, ал эми жаңылыш болсун деп пландаштырышпайт”. Ошондуктан, мыкты түзүлгөн план – ийгиликтин жарымы десек болот, ансыз майнап чыкпайт.

**2. Символдор маңыздан артыкпы?** Билим берүү реформаларынын ийгиликке жетпей калышынын дагы бир олуттуу себеби, бул реформа жүргүзгөн адамдардын билим берүү маселелерин терен түшүнбөй, реформаны символ катары эле кабыл алышына байланыштуу. Көпчүлүк учурда, кайра жаңылануунун маңызына эмес, анын сырткы көрүнүшүнө же символдоруна басым жасалып калат. Тилекке каршы, кээде инновациялар билим берүүнүн көйгөйүн чечүү үчүн эмес, адамдардын жеке кызыкчылыгына байланыштуу болуп калат. Мисалы, сырттан келген долбоорлор, донорлор менен иштөөдө бул жагдайларды байкоого болот. Бул иш-аракеттер сырттан каражат-ресурсттарын алып келет, бирок алар максатка ылайыктуу да, ылайыксыз да иштетилет, иш-чаралар отчет үчүн, үстүртөдөн жүргүзүлөт. Реформалардын натыйжалуулугуна басым жасалбайт. Реформаторлор тилекке каршы өздөрүнүн жеке карьерасын гана алдыга сүрөп калышат. Буларга мисал катары “жан башына жараша” каржылоо реформасын [6] айтсак болот. 2011-ж. 20-сентябрда “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын адам башына каржылоо системасына өткөрүү жөнүндө” №563 токтому [6] кабыл алынган. Бирок, бул реформаны кайсы каражаттын эсебинен ишке ашыруу пландалып жатат? – деген суроо жоопсуз калган. “2012-ж. карата республикалык бюджет жана 2013-2014-жж. божомол жөнүндө” КРнын мыйзамындагы маалыматтардан жөнөкөй анализ жүргүзгөндө 2012-ж. категориялык гранттардын көлөмү 6830,5 млн. сомго өскөнү, бюджеттик каржылоонун стандарттарын камсыздоого – окуу китептерин сатып алууга, мугалимдердин маянасына, иш сапарларды каржылоого,

квалификациясын жогорулатууга, ремонтко, ж.б. окуу чыгашаларына кошумча каражаттар каралган эмес [2].

Албетте, символдор да керек – алардын жардамы менен реформа эмне жөнүндө экенин коомчулукка маалымат берүүдө жардам берет. Бирок, ошол эле учурда реформанын маани-маңызына жакшы көңүл бурулбай, реформанын символдору тез эле өзүнөн өзү жоголот.

**3. Шашылыш жана үстүртөдөн жүргүзүлгөн реформалар.** Реформалар кимдир бирөөнүн түрткүлөөсү менен же кризистик жагдайдан чыгуу үчүн жүргүзүлүп калган учурлар бар. Шашылыш реформалардын жүрүшүнө саясатчылардын тез жыйынтык күтүүсү негизги себеп болот [4]. Ошол эле учурда, эл аралык билим берүү долбоорлорун да мисал кылууга болот. (Гендердик саясаттын алкагында билим берүү; Адам укуктары ж.б.).Бир тармакты тандап алып, 4-5 жыл иштегенден кийин, долбоор токтогондо башталган иштер дээрлик уланбай калып кете берет [1,33]. Шашылыш реформалардын маани-маңызын коомчулук толугу менен аңдап түшүнүүгө үлгүрбөй да калышат. Үстүртөдөн жүрүп, башкаларга отчет үчүн гана жүргүзүлгөндөй болот.

Реформалардын дагы бир көйгөйү, алардын мода катары кабыл алынышы. Билим берүү мекемелери дайыма жаңыланып реформалоо басымында турушат. Ошол эле учурда реформалар чоң финансылык мүмкүнүлүктөргө жол ачышы да мүмкүн [1,24]. Мисалы реформа жүргүзүү менен эл-аралык донор уюмдардан көптөгөн каражат тартууга да болот. Ошондой эле модадан, дүйнөлүк тенденциядан арта калбайлы деп көп учурда жаңылыкты жакшы түшүнбөстөн туруп сын көз карашсыз кабыл алуу да оң натыйжага жеткирбейт. Бул учурда, реформа же инновация тез эле жок болушуна өбөлгө түзөт, себеби алар модадан чыгат да, кийинки мода келет дегендей. Акыркы 20 жылда көптөгөн реформалык аракеттер болду жана алардын кээ бирлерин мода реформалары десек жанылышпайбыз. Мисалы, 12-жылдык билим берүү системасын Россия Федерациясы киргизип жатат, демек биз да ошентишибиз керек дегендей. Учурда бул реформа башталды, бирок натыйжасы али алдыда. Дагы бир мисал, мугалимдердин билим өркүндөтүүсүндө «ваучерди» [6] колдонобуз деп айткан реформаны азыр көпчүлүк эстей да албашы мүмкүн. Ал пилоттук долбоор болуп Кыргызстандын бир облусунда эксперименттен өткөзүлдү. Бирок анын пайдасы эмне болду жана келечеги кандай? деген суроого жооп айта алган адистер өтө сейрек.

**Каршылыктардын маңызын түшүнбөө.** Реформадагы өзгөрүштөр адамдарга, алардын ойлору, адаттары жана баалулуктарына байланыштуу болгондуктан татаал болот. Реформа жасагандар – биз өзүбүз баарын билебиз, башкалар билбейт жана биз аларды үйрөтөбүз деген мамиле кылса, анда алар башка адамдардын реформаны түшүнүп баалоосуна бөгөт коюшат [3]. Реформаторлор өздөрү жүргүзүп жаткан реформаны түшүнүүгө канча мээнет жана убакыт кеткенин талдап жана башкаларга жеткирүүдө түшүнүү менен мамиле кылса ийгиликке тезирээк жетерин эске алганда жакшы натыйжа болот. Адамдар бир нерсени терең өздөштүргөндө гана, ошол нерсени түшүнүп жана өздүк кылып ээ боло алат [3]. Демек, реформанын жолу түздөн-түз болбостон, ар кандай бурулуштары менен кыйыр болот. Ал жолду эрикпестен басып өтүү ийгиликтин өзөгү.

Ошол эле учурда өзгөрүүлөр биз ойлогондон акырыныраак жүрүп калса, анда аны дароо эле башка адамдардын каршылыгы же консервативдүүлүгүнө шылтап кою көп учурайт [3;4]. Башкалар биз ойлогондой иштей албаса аларды дароо эле каршылык көрсөтүп жатат деп ойлошубуз мүмкүн. Бирок бул туура эмес. Реформа жүргүзүүдө маселенин маңызын

түшүнүүгө аракет кылбастан, негизги проблемадан буйтап качуу маселени тереңдетип жиберет жана иштин максатын так, ачык айкын жана анык болбошунан, же жетишээрлик аткаруу жөндөмүнүн жоктугунан же болбосо ресурстардын жетишсиздигинен да болушу мүмкүн. Реформаны кечендетүү күнөөлүүлөрдү издеп, каршылык күчтөрдү айыптап, же маселени чечүүдөн качуу эч качан жакшылыкка, ийгиликке алып келбей тургандыгы баарыбызга маалым.

Ошондой эле, реформалык өзгөрүүлөр, адамдардын эски көз карашынан жана адаттарынан арылуусун жана жаңы түшүнүктөрдү кабыл алуусун талап кылат. Алардын туруктуу абалын бузуп ыңгайсыздыктарды жаратат. «Каршылык» деп дароо күнөө коюу, адамдардын жаңы нерсени “инновацияны” кантип үйрөнүп жана колдонууга аракет кылуусун түшүнүүдөн арылтат. Ушул жагдайларда, адамдарга көбүрөөк түшүндүрүү жана сабырдуулук менен мамиле жасоо керек болот.

Ошол эле учурда, тилекке каршы, көптөгөн реформалар кылдаттык менен ойлонуп киргизилбейт. Албетте мындай реформаларга эң табигый реакция бул «каршылык» болот. Демек, көптөгөн реформалар каршылыктын өзөгүн түшүнбөсөк, анда реформанын ийгиликтүү болушуна эч кепилдик жок. Бул учурда реформалар каршылык кылгандарды «оңдобостон», реформанын өзүн оңдош керек болот.

**Проблемалар биздин досубуз жана пикирлеш эместер ийгиликке жеткизет.** Бул идея чынында биринчиден абсурд көрүнүшү мүмкүн – «кантип эле проблемалар биздин досубуз болушу керек, алар бизге жолтоо болуп жатат го» деп айткандар да болот. Бирок чынында, проблема – көйгөйлөрдү чечүү үчүн аларды жакындан түшүнүп, аларды табигый же мыйзам ченемдүү көрүнүш, ийгиликке алып баруучу мүмкүнчүлүк катары кабыл алуу керек. Маселени тереңирээк түшүнүп, жакшы натыйжага жетүү үчүн көйгөйлөрдү четке кагуунун ордуна, алар менен иштөө керек [4].

Ошондой эле, адатта биз менен макул болгондорду гана угуп, алар менен иштешип, макул эместерди такыр укпай качабыз. Бирок, биз менен макул болгондорго караганда, ойлору дал келбеген, каршы пикирдеги адамдардан көбүрөөк пайдалуу пикирлерди угабыз. Талаш-тартыш дээрлик болбошу да мүмкүн. Бирок бул жол толук ийгиликке алып келбейт. Бирдей ойлонгон, пикирлеш новаторлордун аракети келечектүү болбой калат деп илимпоз Эльмор (Elmore, 1995) өзүнүн изилдөөлөрүндө [3] далилдеген. Ага ылайык өздөрүн өздөрү эле тандап же шайлап алган чакан топтор башкаларга кеңири таасир бере алышпайт. Алар өздөрүнүн жана башкалардын ортосундагы ажырымдын бара-бара чоңоюусуна күбө болушат. Кыргызстандагы билим берүү стратегиясын түзөбүз же стандартарды жазабыз деп өздөрүн тандап алган жумушчу топтор [1,45] буга мисал боло алат.

Демек, реформаторлор «биз» жана «алар» деп бөлүнбөстөн, реформанын башталышынан жолугуп, пикирлерди такташып, айырмаларды аныктап, чогуу иштешиш керек. Конфликтен качуу, кийинкиге калтыра берүү маселенин татаалдашып кетишине алып келет. Ошондуктан реформа жасайм дегендер ыңгайлуу адамдарды гана издебестен, биринчи кезекте карама-каршы пикир айткандар менен мамиле түзүүсү керек. Алар менен кандай гана ыңгайсыз болбосун чогуу иштегенде жана чогуу үйрөнүүгө аракет кылганда реформа ийгиликтүү болот.

**Өзгөрүү системалуу түрдө болуусу зарыл.** Реформалардын жер-жерлерде иштегенин байкаштырсак, кээде жалгыз мекемеде белгилүү бир университете, мектепте эле эң сонун натыйжаны көрүп, башкаларга таасир бербегенин байкоого болот. Бул жеке ийгиликтер ошол жерде эмгектенген новатор адамдарга, изденген жетекчилерге же жаңылыктарга умтулган ата-энелерге эле байланыштуу болуп калат [1,97]. Мындай учурда иштин көп жылга ийгиликтүү жана үзгүлтүксүз уланат деген кепилдиги жок. Себеби жеке демилгечи ал мекемеден башка жакка кетүүсү менен жасалган ийгиликтер да жок болуп кетүүсү ыктымал. Жер-жерде эмгектенген новатор мугалимдер дайыма колдоого муктаж. Эгерде алардын аракети менен жасалган эмгекти эч ким баалап колдобосо, андай жакшы жөрөлгөлөр көпкө узабайт. Ар бир новатордук демилгени жалпыга кеңири жайылтып, эмгектенген адамдарды жаңы нерсени өзүнүкү катары кабыл алып, реформаны институтташтырыш б.а. системага киргизиш керек.

Бирок көп учурларда фрагменттешкен, бири-бири менен байланышы жок «проект» тибиндеги реформаларды кабыл алууга түртөт. Эпизоддук инновациялар келет да кетет, а бирок алардын таасири терең болбогондуктан убакыт өткөндөн кийин билинбей эстен чыгып унутулуп калат [1,98]. Коомчулукта инновация жана реформалар жөнүндө ирээнжиген ага ишенбеген мамиле пайда болот. Ошондуктан, реформаны системалуу жүргүзүп, анын туруктуулугуна жетишүүдө алдыга так аныкталган максат коюлушу абзел. Өзгөрүү системага жугуп, адамдар аны өзүнүн адатына айландырганда, пайдасын көрө баштаганда ийгилик жаралды деп айтууга болот.

**Адабияттар**

1. Абдырахманов Т.А. Кыргызстан жана дүйнөнүн билим берүү системалары XXI кылымда: реформалар, тенденциялар, проблемалар. Б., 2013
2. Иманалиева Ж.Т. Экономическая эффективность государственных расходов на среднее образование Кыргызстана. Б., 2013
3. Elmore, R. (*Эльмор, Р*). Structural reform and education practice (Структурные реформы и образовательная практика), Educational Researcher, 1995, - 26с.
4. Fullan, M. and Miles, M. (*Фулан, М. Майлз,М.*). Getting reforms right: What works and what does not (Образовательные реформы: Что работает и что нет). In *Phi Delta Kappan*, 1992.
5. Чекиров А. Билим берүү системасын адам башына каржылоо: кимдин жоопкерчилиги жана акчасы? //Муниципалитет. Илимий-популярдуу журнал, №9 (155). 11-сентябрь, 2024-ж.
6. Отдел информационной политики Министерства образования Кыргызской Республики//Altynkazykbilim12@mail.com
7. Мурзалиев, М. А. Кыргызстандагы жогорку билим берүү системасын эл аралык билим берүү системасына интеграциялоо боюнча саясий механизмдер жана шарттар / М. А. Мурзалиев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 3. – P. 78-86. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_3_78. – EDN KEGWTK.